# Кыргыз тили

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

| №08 (294) | 25.08.2023. | e-mail: kyrgyztili@mail.ru


Баш сөз



# ЭГЕМЕНДИК - ЭЛ ЭНЧИСИ ЖАНА ҮМҮТ, ТАЯНЫЧЫ



*Сан кылымдарды кезген кыргыз эли улуулугу, намыскөйлүгү, доско да, тууганга да, душманга да убада, сөзүнө бекем, туруктуулугу, айкөлдүгү менен да айырмаланып келгени талашсыз. Тээ көчмөн жоокерчилик заманда тагдыр таржымалынан кечирген кайгы, кубанычы, бар-жогу, үмүт-кыялы бир болуп, эл, жердин бүтүндүгүн, биримдигин, намыс уңгусун урпактарга көздүн карегиндей улап, улам уламалап келген ата-бабаларыбыздын эрдик, ак эмгегин барктабай коюуга эч кимибиздин акыбыз жок.*

Эми Эгемендик тууралуу айтсак, ири алды биз үчүн - өз алдыбызча эркин, Эгемен мамлекет катарында Бириккен Улуттар Уюмуна мүчө болуп, Кызыл Туубуздун БУУнун баш кеңсесинде желбиреп турушу – эч бир баалуулуктарга тең келбей турган сыймык! Болбосо, калкы анча арбын айрым улуттар мамлекети жок, ар кайсы курамда күн өткөрүп жүрөт. Ушундан уламкы маселе, дал ушул асыл нарк, дөөлөтүбүздү көздүн карегиндей сактап, бара-бара өнүккөн өлкөлөрдүн катарына теңелүү иш-аракет, жигерибизде, максат, тилегибизде…

Жакында Кыргызстан элинин, айрыкча ак калпак кыргыз элинин саясий турмушунда маанилүү жаңылык - тагыраагы 17-июлда Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамына кол койгону босогобузда турган Эгемендүүлүктүн 32 жылдыгына карай баа жеткис белек болду!

32 жыл, дегенибиз менен кылымдар кыйырларын карыткан кыргыз эли үчүн оңойго турган жок. Учкан куштай өткөн береги жылдардагы кетирген ката, кайгы, сарсанаалардан сабак алып, мындан аркы кадамдарыбыз ак, так, аяр да болуусуна ой чайкап, чечкиндүү кадамдарга бара беришибиз керек.

Эгемендигибиз кут болсун, мекендештер! Ылайым ооматыбыз колдон чыкпай, жаркын келечегибизди тилейли!

**Каныбек ОСМОНАЛИЕВ, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы.**

# РУХАНИЙ МАДАНИЯТТЫ ЖАҢЫЛООГО МЕЗГИЛ КЕЛДИ




**Жылдыз ОРОЗОБЕКОВА, Манас таануучу, профессор**

Ааламдашуунун арааны өкүм сүрүп, өз доорунун кыл чокусуна улам жакындагансыган айбаттуу жүрүшүнөн бүткүл адамзат жашоо тагдырынын бир далай жагдайлары өзгөрүп да барат. "Элүү жылда эл жаңы" деп, кыргыз эки сөзү менен аныктагандай чын эле муундар өзгөрүлүп, аны менен кошо акыл-эс, тили, нарк-насил, маңызы да кескин өзгөрүүлөргө дуушар болууда.

Ооба, ортодон 32 жыл сабалап өтүп кетти. 1991-жылдын 31-августу - тарыхый күн, Кыргыз элинин эң чоң майрамы, эркиндикке жеткен, мамлекет катары канчадан эңсеген Эгемендик түндүгүн көтөргөн күн!

Карт тарыхка сереп салганда, "Бири кетип тереңге, бири кетип эренге, бири кетип урумга, бири кетип кырымга..." таруудай чачылган элди кандуу кармаштар менен бир жыйып, Манас бабабыз мамлекет түптөгөндө эркиндикке жеткенбиз. Улуу элдин жолу татаал, тагдыры оор болсо да, көктүгү, эрктүүлүгү жана биримдүүлүгү менен жоо жеңип, баатырлыгы менен Улуу Кыргыз Каганатын курганы тарых бетинде кашкайып калды.

Жыл наамалары түшкөн кийинки тарыхыбызда аталардын кан-жанынан бүткөн эркиндикке кеч болсо да жеттик.

Сыртынан караганда баары эле жакшы, тынчтык өкүм сүрүп, эл тирлигин кылып жыргап эле жүргөндөй туюлат. Ак-караны ажыратканга жашоонун күңгөй, тескейи алаканга салгандай айкын түшөт.

Жөө кишиден атчан көп, кийим бүтүн, үстүндө үй, кайналуу казаны бар, алты саны аман, биринен-бири атаандаша жарышып, кайдадыр шашып, көр тирлик менен алек, барга топук кылбай, өзгөчө, артык болууга ашыга пейили бузулганы бар, "Чычкан түк күткөн сайын калтырайт" дегендей, жоктон башканы оозанбай калганы бар... Мындайда көр дүйнө аң-сезимди ээлеп, руханий маданият четке сүрүлүп, аны менен кошо салт-санаабыз бузулуп, жашоодо нарк касиети оолактап, айрыкча эне тилибиз келегей тартып калганы да ачуу чындык. Андыктан адабиятка, маданиятка, эң башкысы эне тилибизге болгон мамиле өз нугуна кайтып, интеллектуалдык өнүгүүгө бет алуубуз керектигин убакыт көзгө сая көрсөтүүдө.

Ырас, замандын шарына жараша ар улуттардын тили, маданияты менен жуурулушуп бараткандайбыз, арабызда көп кырдуу, ары "Акылман, ары көйкашкалар" арбып, акылдан азап болдук. Азыр болуп көрбөгөндөй күч менен санариптик толкун, жасалма интеллект келе жатканын аңдап, туурасын тандап, ыңгайын алышыбыз милдет.

Учурда кандай иш болбосун, ким тарабынан болбосун, кайсы бир маселенин тегерегинде сөз болбосун түшүнгөнү, түшүнбөгөнү баары бирдей сынчы жана акылчы боло берип, араң жеткен эркиндигибизден айрылып калбашыбызды да ойлонолу. Кыргыз эзелден тапка оңой менен келбеген, бирөөгө баш ийбеген эркин эл, ошондон Манас, Кошой бабалардан, "Кулаалы таптап куш кылган, курама жыйып журт кылган" деген сөз калган. Бирок да, эрдигине жараша боорукер, эрки менен эркиндигин кош тизгиндей кармап келген мүнөзү менен бир муштумга түйүлгөн биримдиги күч болуп, жок да болуп кеткен эмес. "Түгөнгөн сайын түтөгөн кыргыз, түбүнөн бери күчөгөн кыргыз" деген атак ошондон калган.

Жыйынтыктап айтканда, Эгемендүүлүк кутубузду жана Президентибиз жаңыртып кол койгон "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамын ардактап, колдоп, ыйык туталы.

Эч нерсеге карабай заманбап билим алып, маданиятыбызды көтөрүп, эне тилибизди туу тутуп, эмгек, сабыр, намыс, жоопкерчилик менен иштөөнү унутпайлы. Илим билимдин жана электрониканын өнүгүп, өсүү заманында, элдин маданий, руханий биримдигин чыңдоо бүгүнкү күндүн актуалдуу маселеси жана айкын тилек, максаты.

# КР Жогорку Сотунун иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүүнүн абалы

*КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия (мындан ары – Комиссия) 2023-жылдын 14-августундагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун борбордук аппаратынын (мындан ары–Аппарат) иш кагаздарынын абалы боюнча кыска мөөнөттүү иш сапарынын жыйынтыгы боюнча төмөнкүлөрдү билдирет:*

Иш кагаздарынын сандык көрсөткүчтөрү боюнча "Инфодокс"ЭДТнын 2022-жылдын жана 2023-жылдын 6 айы боюнча атайын маалыматтарына ылайык:

– 2022-жылдын январь-декабрь айларына карата Аппараттын "Инфодокс-"ЭДТда жүгүртүлгөн иш кагаздарынын жалпы көрсөткүчү – 2643 бирдик. Анын 516сы (19,5%) мамлекеттик тилде болсо, 2068и (78,2%) - расмий тилде. Анын ичинде кириш каттардын 322си (20%) мамлекеттик тилде болсо, 1227 документ - расмий тилде. Чыгыш каттардын мамлекеттик тилдегиси – 194 (18%), расмий тилдегиси – 841(79,5).

– 2023-жылдын 6 айлык көрсөткүчү боюнча катталган жалпы документтин саны – 1608, анын 502си (31,2%) мамлекеттик тилде, 1104ү (69%) – расмий тилде. Кириш документтер – мамлекеттик тилде 305 (34%), расмий тилде – 599 (66%). Чыгыш документтердин мамлекеттик тилдегиси – 190 (31%), расмий тилдегиси – 430 (69%). Ал эми мекеменин өзүндө даярдалган 82 ички документтин мамлекеттик тилдегиси – 7, расмий тилдегиси – 75.




Иш кагаздарынын сапаттык көрсөткүчтөрүнө талдоо жүргүзүү максатында иш кагаздарын талдоого алууда:

– Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2008-жылдын 26-июнундагы № 567 токтому менен бекитилген "Кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин" талаптарынын сакталышына;

– документтердин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-мартындагы № 120 токтому менен бекитилген "Иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускаманын" (мындан ары – Типтүү нускама) талаптарына ылайык тариздeлишине көңүл бурду.

Негизинен иш кагаздарында (каттарда, буйруктарда ж.б.) тексттеги ойду логикалык туура ырааттуулукта берүү, сүйлөмдүн грамматикалык, мазмундук курумун сактоо боюнча калыптанган стилдин бар экендигин артыкчылык катары белгилеп кетүүгө болот.

Сабаттуулугу боюнча талдоого алынган иш кагаздарында:

– "Кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин" 55; 57; 66; 67; 88-параграфтарынын талаптарынын;

– КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-мартындагы № 120 токтому менен кабыл алынган "Иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускаманын" 2-главасынын 2-параграфынын 14-пунктунун айрым бир талаптарынын сакталбагандыгы;

– киринди сөздөрдөн, байламталардан кийин үтүрдүн негизсиз коюлушу боюнча айрым бир мүнөздүү (типтүү) каталарды учуратууга болот.

Аппараттын иш кагаздарын талдоо учурунда жергиликтүү сот өкүлчүлүктөрүнөн кирген иш кагаздарынын айрым үлгүлөрүндө жыш учураган төмөнкүдөй мүнөздүү кемчиликтер ачыкталды:

– Жергиликтүү сот өкүлчүлүктөрүнөн Аппаратка келип түшкөн иш кагаздарында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-мартындагы № 120 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында Иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускаманын" талаптарынын дээрлик сакталбагандыгы;

– бланкттарды тариздөөдө гербдин өлчөмүнө маани берилбегендиги;

– бланкка мекеменин аталышын жазууда шрифт өлчөмдөрүнүн сакталбагандыгы;

– мекеменин реквизиттеринин белгиленген талаада жайгаштырылбагандыгы, алардын ката жазылышы;

– адресаттардын талаптагыдай тариздэлбегендиги (белгиленген талаа өлчөмүнүн сакталбагандыгы, сол жагынан теңдештирилбегендиги, кат кызмат адамына эмес мекемеге даректелгенде барыш жөндөмөнүн мүчөсүнүн ашыкча колдонулгандыгы ж.б.);

– тиркеме резолюциясы боюнча талаптардын сакталбагандыгы (белгиленген талаада жайгашпагандыгы, барактар саны жана нускасы боюнча маалымат толук көрсөтүлбөгөндүгү, тиркеме аталыштарынын белгилеништери (текстте, тексттен кийин) ж.б.);

– кол тамга жана аткаруучу боюнча реквизиттеринин талаптарынын толук сакталбагандыгы;

– документ текстинде жана бланктын реквизиттеринде "ө", "ү", "ң" арипттеринин ордуна "о", "у", "н" арибтеринин колдонулушу;

– "Кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин" 14; 35; 55; 57; 66; 67; 69; 88-параграфтарынын талаптарынын сакталбагандыгы ж.б.

Талдоонун жыйынтыгына ылайык Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия төмөнкүлөрдү сунуштады:

– "Инфодокс" ЭДТда мамлекеттик тилдеги иш кагаздарынын сандык көрсөткүчүн жогорулатуу чараларын көрүүнү (айрыкча чыгыш жана ички иш кагаздары боюнча);

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-мартындагы №120 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускаманын" талаптарынын аткарылышын жолго коюуну;

– «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 2-главасынын жалпы талаптарын аткарууга алууну жана аталган главанын 10-беренесинин 9-пунктуна ылайык Аппараттын кызматкерлеринин мамлекеттик тилди үйрөнүүсүнө шарт түзүүнү жана иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүлүшүн камсыз кылууну;

– Жергиликтүү сот өкүлчүлүктөрүнүн иш кагаздарында белгиленген типтүү кемчиликтерди жоюу боюнча атайын тапшырма түшүрүүнү жана жеринде кыска мөөнөттүү окууларды уюштурууну;

– Иш-чаралар планын иштеп чыгуу менен мамлекеттик тилди өнүктүрүү багытында системалуу жана максаттуу иш алып барууну (коллегияларда мамлекеттик тил маселесин кароону).

**Жумушчу топ.**

№08 (294)
25 08 2023
kyrgyztili@mail.ru

# Академик Абдыганы ЭРКЕБАЕВ 70 жашта



***– Абдыганы агай, 70 жашыңыз куттуу болсун! Алгач эле балалыгыңызды, тегиңизди эки ооз сөз менен айта кетсеңиз...***

– Мен 1953-жылы 1-сентябрда Ош облусуна караштуу Чоң-Алай районундагы Кара-Тейит айылында төрөлгөм. Бул убак Сталин каза болгондон кийинки өткөөл мезгил болгон. Ата-энемдин мээримин көп көргөн жокмун, себеби атам 2 жашымда, апам 3 жашымда каза болду. Энелеш эки агам менен бирге туруп чоңойдум. Алардын атасы Ата Мекендик согушка барып, кайтпай калган. Менин атамдын эки кызы болуп, кийин апама үйлөнгөн экен. Алардын көзү өткөн соң агаларымдын улуусу 14 жашында мектепти таштап, бизди багам деп, элдин малын кайтарып кетти. Эжелерим өз турмушу менен кетти.

***– 1-класстан 10-класска чейин Кара-Тейит айылында окудуңузбу?***

– Жок. Турмуштун кыйынчылыгынан 1-2-классты гана айылдын мектебинде окудум. Жетим бала болуп өскөндүктөн жеме угуп, келтек жеген, тамак ашка жетпеген дагы күндөр болгон. Ошол убакта коңшу Сопу-Коргон аймагында мектеп-интернат ачылды деп угуп калдык. Биздин айылга Сопу-Коргон айлынын башчылары балык уулаганы келип калып, аларга жолугуп эле интернатка кабыл алуусун сурандым. Алар менин зиректигимди, тайманбастыгымды баалап өздөрү менен интернатка алып кетишти. Ал жакта 6 жыл окудум, себеби мектеп 8 жылдык болчу. Бардык шарттар бар интернатта жакшы окутуп, менин билим алып өсүүмө көп таасирин тийгизди. Мыкты окуучулардын катарын толуктап, активдүү жүрдүм. 8-класста облыстан келген жетекчилер мени жактырып областын борборундагы интернатта окууну сунушташты. Бирок, ортончу агам шаарга барып окууга уруксаат берген жок. Ошентип, интернаттын 8-классын бүткөн соң кайрадан Чоң-Алайга келип, коңшу айылда 9-10-класcты окуп, окууну бүттүм.

***– Биз сизди адабиятта устат катары көрөбүз. Негизи эле адабиятка кандай, кайсы убакта келип калдыңыз?***

– Мектепте баардык сабактарды жакшы окуп, отличник болдум. Мага баардык сабактар бирдей көрүнчү. Гуманитардык илимдерге караганда так, техника илимдери мага жакын эле. Себеби, ошол учурда техника, илим, космоско учуу боюнча илимий ачылыштар болуп жаткан убак. Мен дагы инженер адистигине Политехникалык институтка тапшырам деп, математика, химия, физиканы көп окучумун. Ал убакта адабият экинчи орунга сүрүлүп калган. Тилекке каршы, Политехникалык институтка "Прописной лист" жоктугунан улам тапшыра албай калдым. Улуттук университеттин филология бөлүмүнө тапшырып, экзамендерден жакшы баа алуу жана менин дилгирлигимди баалаган декандын жардамы аркылуу өтүп, окуп калдым. Бардык ишти майын чыгарып, акырына чейин жасаганды жактыргандыктан окуу жайда да болгон ынтызарлыгымды коюп окудум. Элдин айтымында, атам жамакчы акын болгон экен. Ошондон мага дагы жукса керек. Интернатта окуп жүргөндө райондук "Күжүрмөн" газетасына менин жазган эмгектерим чыгып турган. Жазгандарымдан гонорар дагы алып калган учурлар болгон. Жогорку окуу жайда да чыгармачылыкка кайрылып, 2-курстан тарта макалаларым чыга баштаган. Коомчулукка, адабият сүйүүчүлөргө да ошол кезде таанылгам.

***– Сизди ошол жылдары кыргыз адабиятынын "Чапаевы" деп, аташканын угуп жүрөбүз. Адабиятка алгачкы кадамыңызды сындан баштадыңыз да...***

– 2-3-курста эле көп адабият талкууларга катышып тургам. Бир жолкусунда роман жөнүндө талкууга кирип, Качкынбай Артыкбаев, Кеңешбек Асаналиев менен кайчы пикир айтышып калдык. Илимдин профессор, докторлорун дагы сындаган убак болду. Ал убакта көп изденип, окуп, алган билим, маалыматтардын негизинде сындарым жаралган. 1975-жылы КМУнун филология факультетин кыргыз тили жана адабияты адистиги боюнча артыкчылык диплому менен бүтүргөм.

***– Окууну бүткөн соң эмне менен алектендиңиз?***

– Окууну бүтүп Москвадагы М.Горький атындагы дүйнөлүк адабияттар институтунун стажеру, аспиранты болдум. Эмгек жолумду Кыргызстан ЛКЖС БКнын пропаганда жана маданий-массалык иштер бөлүмүндө лектор болуп иштөө менен баштадым.

1982–1985-жж. жана 1987–1988-жж. КЖПИде орус жана чет өлкөлүк адабияттар кафедрасынын улук окутуучу болуп эмгектендим. 1985-жылдан «Кыргызстан маданияты» гезитинин башкы редакторунун орун басары, 1988-жылдан Кыргыз ССРинин Илимдер Академиясынын Тил жана адабият институтунун директору болдум.

***– Ал убактан бери карасак. Эгемендикдин оропарасында алгачкы көп мандаттуу шайлоодо депутат болуп келдиңиз.***

– Ооба. 90-жылдары легендарлуу парламенттин депутаты болуп кичи мекеним Чоң-Алайдан шайландым. Эл колдоду, 68 пайыз менен өтком.

***– Сиздин китебиңизден да окудук эле. Кыргызстандын биринчи президенттигине убагында Чыңгыз Айтматов дагы сунушталган, эмне себептен президент болбой калды, болсо кандай болмок?***

– Коңшу мамлекеттер өз башчыларын тандап, шайлап жатканда биздин легендарлуу парламент дагы өз сунуштарын койгон. Көптөгөн белгилүү, улуу, саясий, коомдук ишмерлер сунушталган. Ачыгын айтканда, Чыңгыз Айтматов өзү бул сунушту кабыл алган жок. Акаев ал учурда илимпоз. Талаш-тартыштар, союз тарап жаткан убакта кыйынчылыктар келип, компартиянын үч өкүлү ортосунда талаш болуп, акыры Акаев бийликке келди. Айтматов деле президент болсо болмок, көптөгөн реформалар жасалмак деп ойлойм. Ал бийликте болсо көптөгөн кандуу кыргын, чатакташуулар болбойт беле. Руханий жактан дагы калканч болуп бермек…

***– Республикабыздын үч символика эн белгиси - Гимн, Герб, Туусу шашылыш кабыл алынып калган деген ойго кандай карайсыз? Эрге башында эле кыйшык отуруп алган эмеспизби?***

– Убагында мамлекеттик символикаларды түзүү боюнча бардык жыйындарга катышкам. Кызыл тууга токтолгонубуздун себеби, түштүк аймагыбыздын эли көк түстү "Кайгынын, азанын" белгиси көрөт деп аял депутаттар каршы чыккан. "Манас" эпосун ортого салып отуруп, кызыл өңгө токтолгонбуз. Герб дагы мага комсоорок, "мөөр" катары көрүнөт. Бирок, бизге эртерээк символикаларды кабыл алуу зарыл болду, кечиктиргенге талашып, тартышканга болбойт эле. Менин оюмча, кезинде туура болгон. Ал эми заманга, убактыга тууралап кайрадан иштеп чыгууга болот. Гимндин дагы бир куплети алынып салынды. Эгемендиктин 32 жылында биз көп нерсени көрдүк, билдик, такшалдык, башкалар менен салыштырып жатабыз.

***– Басма сөз министрлигин жакшы баштадыңыз эле, ошону аягына чыгарбай иш токтоп калды. Ошол жөнүндө айта кетсеңиз.***

– 1991-жылы КРнын Басма сөз жана маалымат министри кызматында иштей баштадым. Колдон келген аракетти кылып, жакшы бир жыл, бир ай иштедик. Андан кийин жаңы өкмөттү түзүү зарылчылыгы жаралып, мен КРнын вице премьер-министри кызматына дайындалдым. Маалымат министрилиги жоюлду. Себеби, башка мамлекеттерде көбүнчө авторитардык, тоталитардык режимде цензураны орнотуу үчүн иштейт экен. Бизге эркин маалымат бере турган маалымат булактары керек эле. Кийин "Майдан", "Асаба", "Кыргыз Руху", "Аалам" ж.б газеталары түзүлдү. Бийлик менен маалымат булактарынын ортосунда күрөш жүрдү.

***– Биздин мамлекеттин келечеги жөнүндө кандай ойдосуз?***

– Бул аябай маанилүү суроо. Көптөгөн ойчул, окумуштуулар келечек жөнүндө өз ойлорун жазып калтырган. Менин оюмча, келечекти болжош кыйын, мүмкүн эмес. Эч ким анык, так келечекти көрүп айта албайт. Бирок, бүгүнкү, кечээки күндөгү тажрыйбабызды эске алып, жалпысынан өлкөнүн келечегин боолголосо болот. Менин жеке баамымда, миңдеген жылдык тарыхы бар кыргыз эли жоголбойт. Канчалык улуу элдер жоголуп кетти. Элибиздин каны, жаны, эркиндикти коргой алгандыгы, күрөшкөндүгү, келечектен үмүт үзбөгөндүгү мамлекеттин келечеги кең экенин айгинелеп турат. Экономикалык, социалдык, чегара, кыйынчылыктарына карабастан өз эгемендигин сактап келе жаткан Кыргызстан артка кетпейт, бир гана алдыга жылат. Кыргыз элинин тилин, дилин, маданиятын, каада-салт, үрп-адатын тополоң эмес ынтымак, биримдик, ачыктык, демократия жолу менен алдыга жылдырып, сактап, кийинки муунга өткөрүп беришибиз зарыл.

**Жазып алган**
**Бактыгүл ӨМҮРАЛИЕВА**

№08 (294)

25 08 2023

kyrgyztili@mail.ru

# Тилдин сурап алаар каармандары

**Даирбек КЕНЖЕБАЕВ,**
**Филология илимдеринин доктору**

“Сурап алаары...” деп, кыргыз ата-эне, бир тууган, каны бир жакындарынан тышкары, тууганынын башына күн түшсө, анын таламын талашкан, ошонусу менен уруунун намысын, наркын коргогон, уруусуна уңгу болгон, билегинде каруусу, жүрөгүндө жалы бар азаматты айтат. Уруунун эле эмес, улуттун да сурап алар баатырлары элди жоодон калкалап, сурап алар чечендери доодон сактап келген. Биздин элде аларды “Журт жакшылары”, “Калктын каймагы” дешип келсе, айрым бир элдерде “Элдин тузу”, “Жердин тузу” деген өңдүү алкоолор бар. Айтор, ар кайсы эл ар кандайча атаганы менен, маңызы бир. Каймагы болбосо, көк-кашка сүттүн, тузу болбосо аштын даамы таңдайга татымак беле?.. Тузу болбосо эт бузулат, көздүү-каректүү көсөмү болбосо, калк бузулат. Закымга айланып далай заман өтсө да, ушул мыйзам өзөк болуп өзгөрбөй келет.

Заман демекчи, эгемендүүлүк заманында жашаганыбызга отуз жылдан ашса да, турмушубузга социалдык акыйкаттын өзү турмак жыты да келбей койду. Тескерисинче, коомдо уурдоо, талоо, тоноо жолу менен баюунун, ийгиликке жетүүнүн культу биротоло орноп калгандай. “Базар өзү тандап алат” деген, ырайымсыз мыйзамды турмуштун баардык тармактарына таңуулоо аракети ит ээсин таанымбаган, акча деп аласалган, жетим-жесир, майып, алсыздарды карабаган, аяр социалдык саясатты унутта калтырган бандиттик демократияны, көчө либерализмин жаратты. Жөнөкөй тил менен айтканда, Алыштан Кулуш өткөн, сөз желге айланган, көл чөлгө айланган, адамды күйүктүргөн, жиниктирген чалкеш заманда жашап калдык.

Талаш күчөй берсе, чындык чыркырап чыга качат дегендей, мыйзам аркылуу чектелбеген плюрализм өлкөнү талашып-тартышып, бирок акылга сыяр, рационалдуу, пайдалуу чечим кабыл ала билбеген, кайнаса каны кошулбаган катмарларга ажыратып салды. “Биз ачык-айкын коом куруп салдык, көз караштардын көптүгү өнүгүүгө алып келет” деп, мактанганыбыз менен, отуз жылдан бери олуттуу кадамдарды таштай албай, куйругун кубалаган иттей байлоодо турабыз. Маалымат айдыңында аң-сезим, акыл парасаты чырмалган чытырман токойдой караңгы, ой жүгүртүү деңгээли орто кылымда калган адамдар, саясий чайкоочулар, кимди болсо ашатып сөгө берген ызырынган нигилистер, бир сөз менен айтканда, интернет доорунун добулбасын каккандар коомдук аң-сезимге түздөн-түз таасирин тийгизген ууланган маалымат мейкиндигин жаратышты. Табакка башын тыга албай калган саясатчысы заматта оппозиция болуп калып, кечээги табакташы менен тытышып, айтор, бийликти бөлүштүрө албай убара тартып эле келатабыз. Эркиндикти көчөгө чыгып ээлигүү, иш кылбай туруп жеңил-желпи ийгиликке жетүү катары түшүнгөн, тартип менен жаратмандыктан корккон, арзыбаган акчага бетине бет капты тарта салып, кайсы саясатчыны болбосун ээрчип кете берген, көчө либерализмин туу туткан жаалданган жалданма сүрмөтоптор жаралды. Мындай процесстер коомдун турмушундагы маданий, рухий баалуулуктарга таасирин тийгизбей койгон жок. Баарын базарга өткөзүп берүү саясаты маданият, искусство жаатындагы рухий дөөлөттөрдүн наркын биротоло түшүрүп, аңыз сөз, мифомания, жалган илимге негизделген көз караштар, иллюзиялар, диний фанатизмдин элементтери, деги койчу, баары бир казанда кайнап, аралашып эле жатып калды.

Коррупциянын сазына батып калган мамлекеттин стратегиялык багыты, баштаган ишинин аягы, логикалык жыйынтыгы болбойт экен. Чөлдө калдандап учкан камгактай жел айдаган жакка кете берет окшобойбу. Маселен, мыйзам менен жымсалдап коюп, ал эми иш жүзүндө мамлекеттик тилден “Тизгинди” жулуп алып, расмий тилге берүү бөрүбасар дөбөткө күчүктү салып бергендей эле болгон учурунда. Мыйзамды кабыл алуу саясий чайкоочулуктун деңгээлинде калган, анткени аны ишке ашырууга аракет кыла келгенде, мыйзамдын айрым беренелери тилди колдонуу боюнча тармактык башка мыйзамдарга каршы келген учурлар кездешкен. Ушул өңдүү мыйзамдык баш аламандыктарды жолго коюу, “Сен мага тийбе, мен сага тийбейм” деген принципте жазылган беренелерге тактоо киргизүү талабы эчактан бери келаткан көйгөй эле. Андан калса, мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзамдын толук кандуу иштешин, аны ишке ашырууну, көзөмөлдөөнүн мыйзамдык механизмдерин тактоо колго алынбай келген. Ачыгын айтканда, мамлекеттик тил маселеси сасык саясатчылардын, популисттердин ыңгайы келгенде манипуляциялык максатта көтөрө салган плакаты гана болуп келгендиги да жашыруун эмес. Андыктан бүгүнкүдөй жапайы, имитациялык демократиянын шартында, адамды мындай кой, рухий асыл дөөлөттөр анын ичинде тарых, адабият, тил сурап алар инсандарга, коргоп калар күчкө муктаж болуп калды. Жогоруда учкай саналып өткөн көйгөйлөр менен алпурушуп, коомдо рационалдуу, акылга сыйган, аң-сезимдүү, сергек ой жүгүртүүнүн үрөнүн себүүгө салымын кошуп, анын ичинде мамлекеттик тилибиз жөнүндөгү мыйзам кагазда калбай, реалдуу макамга ээ болушуна жан үрөп, акылын азык, каруусун казык кылып кызмат кылып келаткан окумуштуу, коомдук ишмер, академик Сыртбай Мусаевди эне тилдин сурап алаар каармандарынан десек ашыкча болбос. Дегенибиз, эне тилибиз коом турмушунда толук кандуу колдонулбаса, ал эти шылынып, каны качкан кыймылсыз жаткан кишидей акырындап алсызданып, кунары качып, жупунуланып, акыры барып башка тилге ордун бошотуп бере тургандыгын илимпоз катары айтып, бул боюнча гезиттерге байма-бай макалаларын жаадыра жазып, теле менен радиодон, социалдык тармактардан чыгып омоктуу ойлорун ортого салып келаткан инсандардын сап башында С. Мусаев турат. Академик Сыртбай Мусаев мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзамдын алгачкы долбоорунун авторлорунун бири катары ондогон жылдар аралыгында анын ишке ашуусуна байланыштуу маселелерди дыкат иликтеп, канткенде мыйзамдын концепциясы, анда көрсөтүлгөн стратегиялык максаттар ишке ашат деген суроонун тегерегинде ойлонуп, акыры мамлекеттик тилдин толук кандуу колдонулушун жөнгө салуу боюнча Конституциябызга атайын берене киргизүү демилгесин 2020-жылы Конституциялык кеңешменин отурумунда көтөрүп чыккан. Себеби жарым-жартылай иштеген мунжу мыйзамга жан киргизүү, мамлекеттик тил менен расмий тилдин колдонулуу чөйрөлөрү боюнча “Же” деген байламтага байланган кош мааниге ээ беренелерге тактоо киргизүүгө багытталган мыйзам долбоорун иштеп чыгуу зарылдыгы бар эле. Башкасын айтпаганда да, академик С. Мусаев өзү белгилегендей, көчөдөгү көрнөк-жарнактарды мамлекеттик тилде жазуу талабы коюлган кезде, жарнактын ээси көрнөк-жарнактар жөнүндө мыйзамды көрсөтүп: “Мамлекеттик же расмий тилде деп турбайбы, тандап алуу укугум болгондон кийин, текстти кайсы тилде жазсам өз эрким” деген өңдүү жүйөөлөрдү келтирип, дөгүрсүп, текшерүүчүлөрдүн талабына моюн толгоп, айласын алты кетирген жагдайлар көп болгон. Ушул мезгилге чейин Баш мыйзам эмес, тармактык мыйзамдардын бири да мамлекеттик тилде жазылбагандыгын, башкача айтканда, мамлекеттик тил түп нуска тил болбогондугун айта кетүү зарыл.

Ушул өңдүү чечилбеген көйгөйлөр, тактоону талап кылган жагдайларга байланыштуу Конституциялык мыйзамдын долбоорун даярдоо академик С. Мусаев тарабынан ал КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы кызматын аркалап турганда колго алынды.Кийин сөз болуп жаткан мыйзам долбоору Жогорку Кеңеште каралганда, эл өкүлдөрү тарабынан эмне деген гана ойлор айтылбады: “а” тыбышынын түгөйү кайда дейби... “Аба” деген сөздү айтыш үчүн алфавитке “w” деген тыбышты киргизиш керек дейби… Дагы бири: “Кыргызча сүйлөсө эле врачтар адамдарды мыкты дарылап калабы” дейби... Айтор, мыйзамдын долбоорун окубай эле оюна келгенин дей салгандар жетиштүү болуп, даректүү, керектүү пикир айткандар аз болду… Эмне дейбиз, элдин баары эле тилдин маселелерин түшүнө бербестиги бештен белгилүү. Бирок кыргыз тилинде түгөйлүү түгөйсүз болуп үндүүлөр эмес, үнсүздөр бөлүнөрү, ал эми “аба” деп жазып, “awa” деп айтуу туура жазуу (орфография) жана туура айтуунун (орфоэпия) эрежелери аркылуу тескеле турган эле маселе экендигин үчкө окуган мектеп окуучусу деле билет го… Орой айтсам, окурман кечирип коёр, күйбөс катындын күйүтү күч дегендей, саясий конъюнктуранын деңгээлинен көтөрүлө албаган, көөнүндө Африканын авторитаризмин көксөгөн, бирок бүгүн кырдаалдын кыябына жараша демократ, оппозиционер болуп жүргөн башы бээ, аягы төө “кентавр” депутаттардын бири тилдин маселесин мындай коё туруп, ачка отурган элдин курсагын тойгузуу зарыл экендигин айтып, адаттагыдай эле, канды жинге куюп, өзүнүн чаргытма манипуляциясын колдонуу менен, маселенин маңызын бурмалоо аракетин көрдү. Ошону менен эле чектелип калбай, кыргыз тилинде сүйлөшүүнүн тазалыгы туурасында жеке маселелерге жетеленип кетти. Сүйлөшүү демекчи, депутаттардын өздөрүнүн сүйлөшүү маданиятынын деңгээли айтыла берип азил-тамаша болуп бүттү го… Айрымдарынын сөзү Сталинден башталып, Аллах менен бүтөт го, чиркин. Казанда эмне болсо, чөмүчкө ошо чыгат демекчи, “Западло”, “Шкура”, “Отвечала” деген өңдүү “Блатной базарлардан” турган кыргыз саясатынын тили – бүгүнкү коомдук аң-сезимдин күзгүсү, биз тана албаган чындык.

Ооба, мамлекеттик тил жөнүндө Конституциялык мыйзам кабыл алынып, ага Президентибиз тарабынан кол коюлду. Сакайтчу дары ачуу болот демекчи, сөз болуп жаткан мыйзамдын долбоору алгач Россия Федерациясынын Кыргыз Республикасындагы элчиси Н.Удовиченкону “Ачыркантса”, ал кабыл алынгандан кийин Россия Федерациясынын тышкы иштер министри С.В.Лавровдун “Көзүн жумдуруп, башын чулгутту” окшойт. С.В.Лавров мыйзамды сындоо менен, орус тилинин биздин Конституциябызда улуттар аралык сүйлөшүү тили катары макамы сакталгандыгын да белгилеп өттү (“Язык национального общения” деди, “Межнационального общения” дегени окшойт). Шайтан майда-барат деталдарда жашырынып жатат дегендей, Орусиянын расмий бийлигинин айрым өкүлдөрүнүн билдирүүлөрүндөгү бир укканда байкалбаган мындай каталар, алардын маселенин маңызын толук түшүнбөй эле, баарын орус тилине каршы кадам, орус тилдүүлөрдүн укугун чектөө катары баалап, жалпылап жалаа жаба берүү, баш көтөрсө эле башка чаба берүү принциптеринен кабар бергенсийт. Себеби, орус тили расмий тил катары эл аралык укуктук макамы талаш жараткан Түштүк Осетия, Абхазия, Приднестровье өңдүү субъектилерде, ошондой эле Белорусь, Кыргыз Республикасы өңдүү саналуу гана өлкөлөрдө колдонула тургандыгын Орусиянын жогорку даражалуу чиновниктеринин билбей калышы таң калтырат. Чоң үйдөгүлөр каткырса, кичине үйдөгүлөр ырсаят болуп, орус саясатчыларынын айткандарын биздин айрым саясатчы сөрөйлөрүбүз, орус тилинин тагдырына күйүмүш эткен окумуштууларыбыз коштоп, ыңгайы келсе-келбесе маселени саясатташтырып, Орусияда иштеп жүргөн мигранттарыбызды аргумент келтирип катып калышат. Албетте, мигрант болуп жүргөн мекендештерибиздин тагдырын ойлонбогон кыргыз жок чыгар, анткени дээрлик ар бир үйдөн жок дегенде бир адам эмгек мигранты болуп талаалап жүргөнүн кантип танмак элек. Биринчиден, эмгек мигранттары иштеген жумуш орундары, аларга чегерилген маяна, иш орундарында түзүлгөн шарттар жергиликтүү калктын өкүлдөрүн кызыктырбастыгы эмгек мигранттарынын кесиптик кошуундарынын лидерлери тарабынан расмий түрдө, конкреттүү пайыздык көрсөткүчтөргө таянуу менен айтылып келет. Андан калса, Орусияда биздин эмгек мигранттарыбыз-

№08
(294)

25
08
2023

kyrgyztili@mail.ru




га караганда эмгек мигранттары көптүк кылган Өзбекстан деле кылчактабай эле латын графикасына өтүп кетпедиби. “Ат башына күн түшсө, ооздугу менен суу ичет, эр башына күн түшсө, өтүгү менен суу кечет” дегендей, Орусиянын жарандарынын мобилизациядан качып, Борбордук Азияга, анын ичинде биздин өлкөбүзгө башбаанек издеп келээрин ким ойлоптур?.. Биздин мекендештер, “Силер келип, тамак-аш, турак-жай, батирдин ижарасы кымбаттады” деген өңдүү наалыган сөзөрдү айтып, кодулап, кордобой эле Орусиядан келген жарандарды кайда барбасын жаркылдап, жарык маанай менен тосуп алып, колдон келсе, жумуш берип, кызматын көрсөтүп атат го. Кыргыз, казак, өзбек бир тууганларга ыраазыбыз, мындай меймандостукту, боорукерликти, тамак-аш, жер-жемиштин арзанын биринчи көрүп атабыз деген кыяздагы ойлорун айткан блогерлердин социалдык тармактардагы видеолорун көрбөгөндөр аз чыгар. Андыктан мигранттар маселеси орус саясатчылары тарабынан колко кылынып, биздин элибизге карыздар, күнөлүү, коркок билиш кишинин комплекси катары таңууланбашы керек, ошону менен эле бирге өлкөбүздүн ички саясатындагы стратегиялык чечимдерди кабыл алууга кедергисин тийгизбеши керек деген ойдобуз. Мындан тышкары мамлекеттик тилдин коомдук кызматтарына байланыштуу маселелер козголгондо, орус тилине күйгөн айрым жиги билинбеген жикчилдердин Айтматовдун көз караштарын, орошон ойлорун көз көрүнөө бурмалашып, контекстен жулуп алып, анын пикирлерин бир беткей саясий чайкоочулук менен чечмелеп, ураан кылып көтөрүп чыга калчу адатына атайын токтолуп кетүү керек. Мындай аракет мамлекеттик тил жөнүндө Конституциялык мыйзамдын парламенттик угуусунда да болду. Айматовдун сөзүн келтирип, орус тилинин колдонулуу чөйрөсү чектелип аткандай ач айкырык салгандардын бири, сөз болуп жаткан мыйзамды тилдерди бирине бирин каршы коюу катары түшүндүрүү аракетин көрдү. Ооба, Айтматов өзүнүн публицистикалык макалаларында тилдердин бирин экинчисине каршы коюуга караманча каршы экендигин айтып, билингвизмге, тилдердин өз ара кызматташтыгына, биринин экинчисине тийгизген жагымдуу, байытуучу, стилдик ийкемдүүлүгүн арттыруучу таасирине басым жасайт. Ошол эле учурда Айматов бир тилдин экинчи тилге карата үстөмдүк кылуусуна, бир тилдин тарыхый өнүгүүсүнө экинчи тилдин же маданияттын кедерги болушуна, б.а., экспансиялык таасирине, кош тилдүүлүктүн баш аламан, стихиялуу мүнөздү алып жүрүүсүнө каршы позициясын кайсыл жерде болбосун ачык билдирип келген. Сөзүбүз кургак болуп калбас үчүн Айтматовдун кош тилдүүлүк туурасында орус тилинде айткан пикирин келтире кетели: “...На мой взгляд, в социально ответственных обществах билингвизм не может и не должен протекать стихийно. Как правило, основная форма билингвизма выражается в параллельном действии двух языков – одного из мировых и местного национального языка. В социально ответственном обществе билингвизм предполагает полное равноправие языков и даже некоторую разумную привилегию, помощь развивающемуся национальному языку, в чем выражается истинный дух интернационализма, ибо локальным языкам очень трудно состязаться с мировыми, широко и повсеместно распространенными языками. Это естественно. И тут необходима разумная корректива в языковой политике общества. Равноправие – главное условие здорового билингвизма. Если нет равноправия, то это не сосуществование языков, а ассимиляция одного из них. История свидетельствует, в течение одного, двух поколений можно утратить язык народа, а восстановить никогда”.

Айтматовдун келтирилген пикиринде эки тилдин, тагыраагы, жергиликтүү тил менен дүйнөлүк тилдердин бири теңшерик кызмат кылуусу, керек болсо өнүгүү жолундагы жергиликтүү тилге көбүрөөк мүмкүнчүлүк берүү керектигине басым жасалгандыгын атайын белгилеп өткүбүз келет. А бизде чыныгы жагдай кандай? Бизде кош тилдүүлүк, жогоруда белгиленгендей, тилдердин тең укуктуулугуна негизделбегендигинен, тең шерик кызмат кылбагандыгынан улам, орус тилдүүлөр жергиликтүү калктын тилин үйрөнүүгө дит койбой, кыргыз тилин окутуунун заманбап усулдары, каражаттары жетишпестигин шылтоо кылып келишет. Ошол эле учурда Кыргызстанга келген чет элдиктер кыргыз тилинин активдүү лексикасына кирген, күнүмдүк турмушта колдонулуучу зарыл сөздөрдү эки ай аралыгында эле өздөштүрүп, ал эми айрымдары бир жыл ичинде чакан китептерди жазып же күпүлдөтүп “Манас” айтып калгандары деле бар го... Анан кантип эле эне тилди окутуунун усулдук негиздери толук иштелип чыга элек болсун? Кантип окуу куралдары, иштелмелер жетишсиз болсун?

Тил саясаты жаатындагы сөз болуп жаткан жагдайларга үндөш карама-каршылыктар коңшу Казакстанда да эчактан бери эле болуп келаткандыгы белгилүү. Эгемендиктин алгачкы жылдары Пугачев деген лакап ат менен белгилүү болгон Виктор Казимирчук аттуу жаран башында турган жикчилдер Чыгыш Казакстанда Орус Алтай Республикасын түзүү аракетин көрүшкөн. Мындайда жер-суу аттары башкы аргументтердин бири катары колдонулат. Маселен, Казакстандын Петропавловск шаарынын аталышы интернет айдыңында орус улутундагы жикчилдер тарабынан бөлүнүүгө карата аргумент катары колдонулгандыгына байланыштуу фактылардан улам, коомчулукта, ал гана эмес Казак Мажилисинде шаарга өзүнүн Кызылжар тарыхый атын кайтаруу демилгеси бир нече ирет көтөрүлгөн. Ошону менен эле бирге аталган шаардын жыйырмага жакын жашоочусу 2021-жылы Түндүк Казакстан облусун Орусиянын курамына киргизүү идеясы менен бийликке кайрылуу жасашкан. Ал эми социалдык тармактардан элди бөлүнүүгө чакыргандыгы үчүн алардын башында турган жубайларды сот беш жылга эркинен ажыратууга өкүм чыгарды. Тилдик сепаратизмге байланышкан мындай фактылар өлкөлөрдүн бүтүндүгүнө, унитардыгына шек келтирүүчү көрүнүш катары постсоветтик мейкиндикте гана эмес, өнүккөн Европа өлкөлөрүндө да кездешет. Маселен, Испаниядан бөлүнүү максатында Каталонияда 2017-жылы референдум өткөн. Референдумдун жыйынтыгы менен парламент Каталониянын көз карандысыздыгын да жарыялоого жетишип, аталган республиканын Президенти катары Карлис Пуджимона, ал эми вице-президенттин кызмат ордуна Ориос Жункерас дайындалган. Бирок экөө өз кызматтарын төрт гана күн аткарышкан, анткени жаңыдан түзүлгөн өлкөнүн вице-президенти Испан соту тарабынан он үч жылга эркинен ажыратылса, ал эми сыртынан соттолгон Президент башбаанек сурап Италияга качып кетүүгө жетишкен. Демек, тил саясаты жаатындагы мындай опурталдуу факторлорду эске албай коюу, келечекте мамлекеттин бүтүндүгүнө коркунуч келтирген кооптуу жагдайларды жаратары талашсыз. Дегеле, тил саясатындагы чектен чыккан бейакыл либерализм эч качан жакшы натыйжа бербестиги белгилүү. Дегенибиз, мамлекеттик тил коом турмушунун бардык тармактарында мамлекеттин ички биримдигин кармап турган факторлордун бири катары кызмат аткара албай калса, тилдик анклавдар жаралат, ал эми тилдик анклавдар өз кезегинде тилдик сепаратизмге алып келе тургандыгына дүйнөлүк практикадан жогорудагыдай көптөгөн мисалдарды келтирүүгө болот. Ошол себептүү мамлекеттик тил жөнүндөгү Конституциялык мыйзам мамлекеттин азыркы учурдагы жана келечектеги социалдык коопсуздугуна, ошондой эле тил саясаты жаатындагы коопсуздугуна түздөн-түз байланыштуу экендиги талашсыз. Бул жагынан алганда, академик С. Мусаев арканды алыс таштап, мезгилди тепчип ой жүгүрткөн аналитик-окумуштуу катары, эне тилдин эртеңин ойлогон кыргыздын уулу катары тилдин өсүп-өнүгүүсүнө өбөлгө болчу мыйзамды демилгелегендиги кыргыз элинин соңку тарыхында тил саясаты жаатындагы прогрессивдүү, тарыхый кадам катары бааланышы керек.

Эгерде тилге анын ээси болгон эл кам көрбөсө, ал тарыхтын таштандысында калат, нугу туңгуюкка бурулса, күкүктөп аккан көк-кашка суу бака чардаган сазга айлангандай өлүү тилге айланат. Салыштырып айтканда, тил тирүү организмди элестетет, анткени ал өсөт, өзүн коргойт, жагымсыз жагдайлар түзүлсө жараланып, кыртышы бузулат. Ал эми денеде жүгүргөн кан сыяктуу коомдук жашоонун бардык чөйрөлөрүнө жетип турса, тил курчуйт, байыйт, анын ийкемдүүлүгү артат, колдонуу зарылчылыгынан улам “Уктап жаткан” сөздөр “Ойгонот”, эскирген сөздөргө “Жан кирип”, жаңы сөздөр жаралат, натыйжада, тилдин лексикалык, стилдик, коммуникативдик потенциалы артат. Бир сөз менен айканда, тил азыркы замандын талаптарына ыңгайлашуу менен, өсүп-өнүгүүнүн табигый ыргагына, жолуна түшөт.Сөз соңунда айтарыбыз, мамлекеттик тил жөнүндөгү Конституциялык мыйзамдын духу, маңызы, турмуштук негизи кыргыз тилинин коом турмушунда толук кандуу кызмат аткаруусун мыйзамдык негизде жөнгө салууда, колдонууну коом мүчөлөрүнө милдеттендирүү менен аны сапаттык жаңы баскычка көтөрүүдө, ошондой эле ага кагазда калган макамын эмес, мамлекеттик тил катары чыныгы макамын кайтарып берүүдө жатат. Мамлекеттик тилдин чыныгы макамы анын толук кандуу кызматы, колдонулуу зарылдыгы аркылуу аныкталат, анткени тилдин тирүүлүгү анын кызматында.

№08
(294)
25
08
2023
kyrgyztili@mail.ru

Адабий пикир

# АРСЛАН КОЙЧИЕВДИН ЧЫҢГЫС ХАНЫ



Жолдош ТУРДУБАЕВ



*Адабият айдыңына батыл кирип келген Арслан Койчиевдин «Бакшы менен Чыңгыс хан» романы буга чейинки «Мисмилдирик», «Айта бар менин кебимди» китептерине стили жакын болсо да, сюжет куруу, көркөм баяндоо нугу, идеялык жүгү кыйла айырмаланып турат. Муну автордун чыгармачылыгындагы жаңы бийиктик, кыргыз романистикасындагы да кызыктуу көрүнүш десе болот.*

Романдын өзөк идеялары ата-арбак (түп башат, рухий мурасты табериктеп, ата-бабалар жолун улантуу) темасы менен байланышкан. Айрыкча ар ким өз динин, окуусун, саясий түзүмүн ж. б. у. с. таңуулап, адамдардын «жан дүйнөсү эрегишкен кан майданга» айланган (Федор Достоевский) азыркы мезгилде бул чыгармадагы көркөм туюнтулган ойлор жөн эле окуя кубалап, убактысын «өлтүрүү» менен чектелген пенделерди эмес, сергек, баамчыл окурманды өз алдынча ойлонуп, жоопкерчиликтүү кадам жасоого дилгирлентиши мүмкүн. Башкасын айтпаганда да, өз тегинен (улутунан, тилинен, дининен ж. б.) баш тартып, улам бир «-измди», улам бир «окууну», «саясий багытты» бирден-бир туура деп жар салуу өнөкөткө айланган азыркы кезде, мисалы, кыргыздардын эл катары сакталып, мамлекеттүүлүгүн бекемдеши жана улут болуп жетилүүсү кандай машакаттуу кедергилерге тушугуп жатканын эске алсак, романдын рухий маңкурттукту, түп башатка жасалып жаткан чыккынчылыкты каарыган, чучукка жеткидей катуу сынга алган пафосу, өздүгүн чанган пендейин шору жөнүндөгү магиялык баян… - мунун баары катардагы окурманга күчтүү таасир этет деп ойлойм.

Маңкурт демекчи, көп кырдуу, көп катмарлуу, маани-мазмуну терең, улам окуган сайын жаңы сыры ачылып турган «Кылым карытар бир күн» романында Чыңгыз Айтматов таң каларлыктай сыйымдуу, таасири күчтүү шири метафорасын жараткан. Адамзат рухунун мезгил-мейкининдеги чектелүүчүлүк трагедиясын туюнткан бул метафора – жеке инсан, мамлекет (мурдагы Советтик империя) жана космостук (жалпы адамзаттык) үч деңгээлдеги көркөм-идеялык концепция деп залкар сынчы Кеңешбек Асаналиев белгилеген эле. Бул метафоранын тышкары багытталган (тарыхый эстутумду жоюуга, түпкү башатты жерүүгө каршы) жана ичкери багытталган (бир гана «өзүнүкү» менен чектелип, тыш дүйнөдөн обочолонуп кала берүүгө каршы) маанисине мен көңүл бургамын.

Арслан Койчиев эсти тунартып, эркти мокотуу үчүн кулдун башына кийгизилүүчү төөнүн терисин «шири» дебей, «коок» деп атаптыр. Мунун да жөнү бар окшойт: коок кийген Кара-Ногой чечүүчү учурда кандаш туугандарын аман сактап калып, душмандын көзүн тазалоо үчүн Теңиз-Буканы баса жыгылууга жарайт, а Айтматовдун Жоламаны душмандын айтканынан чыкпай, өз энесин атып өлтүрөт. Ушул ыңгайдан алганда, кооктуу ширинин көп маанилеринин биринин дааналантылган варианты десе болчудай: ар бир адам – кайсы бир деңгээлде маңкурт, анткени анын акыл чабыты, эрки, кайраты чексиз эмес. Атүгүл «жети кылым артты караган, жети кылым алга караган, жетелеймин деп караган» Чыңгыз хандай император башкаларга эмес, өзүнүн эле урпактарына текши адилет карай албаптыр. Анын көп кайталана сүрөттөлүшүндөгү жымшыйган көзү да буга ишаарат кылып тургансыйт. (Айтмакчы, бул сүрөттөмөдө «нооча бойлуу» жана «тууралжын» деген эпитеттер анча коошпой турат: нооча дегенде сымбаттуу, сындуу, бойлуу деп түшүнөбүз, негизинен узун бойлуу жаш жигит же кыз-келиндин турпатына жарашат, сөздүктөгү мааниси да ушундай; ал эми тууралжын киши чымыр денелүү, жапалдаш же орто бойлуу, толугураак келген, анча-мынча курсактуу болот эмеспи: «тууралжын келген, бою пас, тулку бою – кара таш»).

Чыгарманын күрөө тамырындай болгон мистикалуу «арбак» окуясынын берилиши кайсы бир деңгээлде Г. Маркес жазган «Жалгыздыктын жүз жылына», М. Булгаковдун «Устат жана Маргаритасына» жакындап, окшош ыкмалар колдонулган. Адабиятчылар Арслан Койчиевдин катары менен бир нече сюжеттик сызыкты ийкемдүү, сындуу куруп, окуяларды ич ара шайкеш байланыштырып баяндоо чеберчилигине жогору баа берет деп ойлойм.

Бул роман кызуу талкууга, курч талаш-тартышка жем таштачудай. Бир кезде дүйнөнүн дээрлик тең жарымына таралып, адамдардын рухий муктаждыгын канааттандырган, коом менен инсандын, мамлекет менен жарандын мамилелеринин шайкештигин камсыздап турган теңирчиликтен эмне үчүн ата-бабаларыбыз мусулманчылыкка (дагы башкалары христианчылыкка ж. б. диндерге, атүгүл атеисттик нуктагы окууларга да) ооду? Эмне үчүн теңирчиликтен жакшы деп тандалган диндер адилеттүүлүктү жетиштүү камсыздабай, адамзатты мунасага келтире албай, атүгүл бири-бириникин жокко чыгарган, бир гана биздики абсолюттук чындык деген түркүн агымдарга ажырап, майдаланып жатат? А бирок теңирчилик өзү да идеалдуу болгон беле же узак мезгил аралыгынан гана айрымдарга өзгөчө тазадай, эч кынтыксыз акыйкаттай көрүнүп жатабы?.. Чыңгыс хан өзү урпактарынын «жакшы», «жаман» болуп сортко бөлүнүп калышына себеп болуп, кетпес кек, өчпөс өчтүн түгөнбөс түрмөгүн баштап бергенби? Же ал дагы жашоонун эч качан чечилгис эзелки маселесине тиши өтпөй койгонбу? Ал деген жалпы адамзаттын тагдырын ойлогон кемеңгер болгон беле? Же чексиз бийликке тойбогон ач көздүгүн тыя албай, аны ээрчип, баскынчылык жортуул кумарына баткан көрпенделер, анын залимдигине баш ийгендер ошол кезде сайран курганбы?..

Албетте, чыгармадагы идеяларды баёо реализм деңгээлинде кабылдаган жарабайт. Мисалы, Томас Маннга анын «Иосиф жана анын бир туугандары» аттуу романын машинкеде терген аял: «Чындыгында баары кандай болгондугун эми билдим», - деген экен. Бул китептеги Чыңгысхан да тарыхтагы дүйнөнү дүңгүрөткөн кол башчынын өзү эмес, анын, жалпы эле чексиз бийликке жеткен өкүмдарлардын метафоралуу «арбагы», б. а. түпкү ата, эзелки көч башы, ыйык таберик, рухий жол жөнүндөгү талаш-тартышка, чыйрак акыл калчоого түрткө турган көркөм баяндын кейипкери – автордун оюнан жаралган турпат.

Кезинде Ф. Достоевский детектив ыкмаларын билгичтик менен колдонгондой, «Бакшы менен Чыңгыс хан» да биринен бири кызыктуу бир нече сюжеттик сызыктардын эриш-аркак айкалышуусу түрүндө жазылган. Мындан тышкары мистика (арбактар менен тирүүлөр дүйнөсүнүн аралашуусу, аян ж. б.) жана тарыхый доорлордун кабатталып-катмарлангандай тутумдашуусу, ар кайсы кылымдардагы инсандардын тагдырындагы үндөштүк эле окурманды өзүнө тартат.

Албетте, эгер жазуучу кыйла татаал идеяларды көркөм жалпылоого умтулуп, эпос менен кесипкөй адабиятты жалгаштырбаса, б. а. оозеки чыгармачылыктагы көркөм (жорго сөз, бир эле ойду же айтымды биздин тилдеги үндөштүк мыйзамына таянып кайталоо) менен азыркы өнүккөн адабияттагы рефрен, мотив, реминисценция сыяктуу такыр башка деңгээлдеги көркөм усулдарды, метафоралык, символикалык ыңгайдагы сүрөттөөлөрдү да колдонбогон болсо, бул роман деле соңку мезгилде жамырап чыгып жаткан «тарыхый», «көзү ачыктар жөнүндөгү» ж. б. тир укмуш көп китептердин катарынан өйдө көтөрүлө алмак эмес.

Дүйнөлүк деңгээл тууралуу кеп кылууга, балким, эртедир. Менимче, чыгарманын идеялык чабыты буга жете элек; айрыкча концептуалдык нугу кыйла кууш бойдон кала берген сыяктанат. Мында ич ара тирешкен, касташкан, кырылышкан уруулардын, элдердин бир атадан тараганы үчүн эле эмес, рухий бийик мүдөөнү туу тутканы үчүн бириккени, улуттук, андан ары жалпы адамзаттык мейкиндикке умтулуу деми да сезилгидей болсо, романдын куну алда канча артмак деп ойлойм. Бирок ушул турушунда деле бул китеп кыргыз, казак, өзбек ж. б. түрк тилдүү калайыктын, ары жагы монгол, корей, кытай сыяктуу башка азиялык элдердин көңүлүн бурары бышык. Демек, бул романдын тегерегинде талаш-тартыш, талкуулар арбын болот.

№08 (294)
25 08 2023
kyrgyztili@mail.ru

# Кыргыз алфавитине, жазуусуна реформа керек

**Ибраим АБДУВАЛИЕВ,**
**профессор**

Кыргыз тилинин алфавити тууралуу маселе буга чейин бир нече жолу көтөрүлүп, алфавит өзгөрүлбөй кала берсин деген чечим менен келатат. Алфавитте проблема бар. Карап көрөлү. Мына, кыргыз тилинин алфавитиндеги тамга саны 33 + 3 = 36. 1940-жылы алфавит борбордон "албай көргүлөчү" маанисинде дал мына ушинтип таңууланган. Орус тилинде 33 тамга бар, ошого ө, ү, ң тамгаларын кошкондо эле 36 болуп чыга келген. Алфавит кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшүнө ылайыкпы, ушул тамгалар менен кыргызча жазганга туура келеби, жокпу, аны менен эч кимдин иши болгон эмес. Айткандар болсо керек, андай сөздөр бизге келип жеткен жок. Ал мезгил, биринчиден, дүйнөлүк согуш башталып, өлкө согуш коркунучунда турган учур болуп, экинчиден, жалпы эмгекчи эл гана эмес, интеллигенттер, республика жетекчилери да 1937-1938-жылдардагы окуялардан коркуп калган кез болгон. Ошол кездеги "Реформаторлор", "Латын жазуусуна негизделген алфавит кыргыз тилине ылайык эмес, орус жазуусу кыргыз тилинин ички демин жакшы чагылдырат, орус тилин үйрөнүүгө жакшы шарт түзүлөт" деген маанидеги макалаларды жазышкан. Аларды, ал заманды түшүнсөк болот.

Ошентип 1940-жылы кабыл алынган азыркы алфавит кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшүн канааттандыра албайт. Алфавитте ц, щ деген тамгалар бар. Булар орус тилинен келген сөздөрдө гана жазылат. Тилибиздин байлыгы болгон К. Юдахиндин баа жеткис сөздүгүндө ушул тамгалар менен башталган 35 (отуз беш) гана сөз бар. Анын отуз бири ц, төртөө щ менен башталган сөздөр. Алфавитти ашыкча тамгалардан тазалоого каршы болгондор «азыр щётка, плащ, щи, щит, цирк, цемент, цензура, центр, цилиндр, цитата, цифра деген сөздөрдү кантип жазабыз, көнүп калбадыкпы» деген критерийди карманышат. Бул – суу кечпеген шылтоо. Кыргызча шотке, пылаш, ши, шит, сирк, семент, сензур, сентир, силиндир, ситата, сифра деп эле айтылып жүрөт, ошентип жазууга неге болбосун. Ансыз эле азыр эч ким щи ичпей, борш ичип, баарыбыз щиттин ордуна калкан, центрдин ордуна борбор, цитатанын ордуна шилтеме, цифра дегендин ордуна сан (цифровой - санарип) деп сүйлөп калбадыкпы. Алдагы жарымжан (өтө аз колдонулган) тамгаларды алфавиттен чыгарып салсак, ошолор менен жазылчу протез сөздөрдүн кыргызча боло калып чуркап кетерине ишенсек болот. Анан ичкертүү, жумшартуу белгилер (орусча твёрдый знак деген тамганы билинбей калсын маанисинде ажыратуу белгиси деп жымсалдап атап биздин алфавитке киргизишкен) деген тамгалар бар. Бул тамгалар орус тилине гана керек. Кыргыз тилиндеги үнсүз тыбыштардын каткалаңдары эч убакта жумшак болбойт, жумшак үнсүздөр эч убакта катkалаң болбойт, бизде уяң үнсүздөрүбүз бар, алар да эч убакта катkалаң да, жумшак да болбойт. Тыбыштар өз табияты менен эле бири-биринен айырмаланып турса, тыбыш ажыратар тамгалардын эмне кереги бар. Эки тыбышты билдирип (е = йэ, ё = йо, ю = йу, я = йа), йоттошкон деп аталган тамгалар да бар. Булар үнсүз тыбыштардын катkалаң, жумшак экендигин гана билдирип, орус тилине ылайык тамгалар. Ошентип, кыргыз тилинин алфавитин реформалап, андан жогоруда көрсөтүлгөн сегиз тамганы (ь, ъ, ц, щ, е, ё, ю, я) чыгарып салуу зарыл. Кыргыз тилиндеги э тыбышы үчүн Е, е тамгасын гана алсак жетиштүү болот. Алтайлар аз сандагы калк болгонуна карабай төл сөздөрдө йоттошкон тамгаларды колдонбой жазышат (койонек), созулма ЭЭ тыбышын да е тамгасы менен (jeek) жазышат. Бизде эмне үчүн төл сөздөрдөгү Э тыбышынынын кыскасын да, созулмасын да Е тамгасы менен жазууга болбосун (мен, ене, мее, теек).

Ошентип азыркы кыргыз тилинин алфавитине реформа керек. Реформа дегенде эле кириллицадан латын жазуусуна өтүү деген маселе көтөрүлө берет. Тил, жазуу, буларга кошулуп азыр орфография да оңой эле саясат боло калат. СССР жоголуп, анын тутумунан бөлүнүп эгемен өлкө болгон түрк мамлекет жетекчилери Түркияда жолугушуп, социалдык-саясий жана маданий-экономикалык жактан өз ара жакындашууну туура көрүшүп, алфавитти бирдейлештирүү үчүн латын жазуусуна өтүү маселесин көтөрүшкөн. Кириллицага негизделген азыркы алфавитибиздеги, жогоруда көрсөтүлгөндөй, ашыкча тамгалардан арылууну ойлоп биз да мындай жүрүштү колдогонбуз. Жер жүзүндө отуздан ашык түрк элдери болсо, анын алтоо БУУга мүчө мамлекет, ал эми калгандары автономия укуктары менен ар башка мамлекеттин тутумунда жашап келет, алардын да өзүнчө жазуулары бар. Алфавитти бирдейлештирүү дегенде аларды эсбейлиби.




Шашкандар, орус тамгалары деп кириллицаны жеригендер түрк элдеринин көпчүлүгүнүн башка жазууда кала бергенин эске албай латын жазуусуна өтүп кетти. Биринчи президент, жалпы коомчулук колдоп турганы менен, кайсы бир себептерден улам, Кыргыз Республикасы латын жазуусуна өтүп кеткен жок. Ошентип азыр түркиялык түрктөр (булар мурдатан бери эле), азербайжандар, өзбектер латын жазуусун колдонушат, казактар латын жазуусуна өтүү жүрүшүндө (процессинде). Калгандары: татарлар, башкырттар, чуваштар, кумуктар, караимдер, алтайлар, хакастар, шорлор, тувалар, якуттар, кыргыздар кириллица жазуусун колдонушат. Ал эми уйгурлар, азербайжандардын көпчүлүгү (Иранда жашап), кашкайлар, карапапахтар араб жазуусунан пайдаланышат. Демек, алфавитти бирдейлештирүү түрк тилдеринин бири-бирине жакындашуусу маселесин чече бербейт. Алфавитти бирдейлештирүү маселеси башка жол менен чечилиш керек.

Биздин оюбузча, кыргыз тилинин, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилинин татар, башкырт, караим, хакас, тува, алтай жана башка тилдерге кылчактап, кириллицадагы эле алфавитте кала бергени оң. Мына ошол азыркы алфавитти реформалап, кыргыз тилинин ички табиятына, тыбыштык түзүлүшүнө туура келген тамгаларды гана алып, ашыкча тамгаларды алфавиттен чыгарып салуу керек.




Кириллицага негизделип иштелип чыгып, 80 жылдан бери кыргыздар колдонуп келаткан алфавит менен «орус тилинен жана орус тили аркылуу башка тилдерден келген сөздөр орусча кандай айтылса, ошондой айтылат, орусча кандай жазылса, ошондой жазылат» деген эреженин түпкү максаты эмне экенин башкалар эмес, аттуу-баштуу тилчи окумуштуулар да түшүнбөй келет. Азыркы кыргыз алфавити эмне деген алфавит, эмне деген эреже экенин билишпейт. Бул алфавит – ө, ү, ң тыбыштары катышкан кыргызча сөздөрдү гана жазышка ыңгайлашкан орус тилинин алфавити. Орус тилине, орус тилиндеги сөздөрдүн бардыгын жазууга ылайыкталган алфавит. Бул эреже деген – орус тилиндеги сөздөрдүн бардыгы кыргыз тилинин сөзү болууга укуктуу деген эреже! Орус тилинен келип өздөштүрүлүп бараткан сөздөрдү кыргызча айтсак да орусча кылып жазууга ылайыкталган эреже. Ушинтип айталы, ушинтип жазалы деп ушул эрежени, азыркы алфавитти коргогондор акырындык менен кыргыз тилинин бузулуп баратканын түшүнүшпөйт. Ушул алфавит, ушул эреже менен дагы 50, 100 жыл жазып жүрсөк, орус тилинин сөздөрүнүн бардыгы кыргыз тилине агып кирип келет. Анткени сүйлөгөндө тойус, пачти, а как же, нуштож, ваабше, минутное дело, встречный, патамушто, памоему, ктамуже, абизательно, ничево себе, встречать эт деген сыяктуу толуп жаткан башка тилдин сөздөрүн кошуп сүйлөй берүүгө машпыз да, аларды жазганга алфавит абдан ылайыкталган. Москва деп жазып, Масква деп айтып көнгөндөй (кыргыздар ошентип айтып көнүп калышканын өздөрү биле бербей калышты) барабара Молдобай деп жазып, Малдабай, Тоголок Молдо деп жазып, Тагалок Малдо деп айтып калышыбыз толук ыктымал. Азыр эле ошентип сүйлөгөндөр бар.

Тилдин акырындык менен бузулушуна алфавиттин, андагы тамгалардын таасири өтө чоң. Байыркы тилиндеги Ң тыбышын алфавитинде тамгасы болбой жүрүп, түркиялык түрктөр унутуп, миңди bin – бин деп калышкан, өзбектер болсо, Ң тыбышына тамга кабыл албай жүрүп келиңиз дегенди kelingiz – келингиз деп айтып калышты. Алфавиттеги тамгаларды тилибиздин тыбыштык түзүлүшүнө ылайык келтирип албасак тилибиздин бузулуп баратышын токтото албайбыз.

№08
(294)
25
08
2023
kyrgyztili@mail.ru



Дастан САРЫГУЛОВ

# Эгемендүүлүктүн сабактары жана келечек

I

Эгемендик буйруп, келечекке жол тандаганда, өлкө жетекчилери, саясатчылар, депутаттар:

– базар экономикасын, жеке менчикти;

– батыш үлгүсүндөгү демократияны;

– мамлекет идеология жүргүзбөй, андан баш тартыш керек;

-экономика, чарба иштерин мамлекет натыйжалуу башкара албайт, өндүрүштүн баары жеке менчикте болууга тийиш- деген ишеним менен батыш өлкөлөрдүн баш мыйзам үлгүсүн көчүрүп, эми эл бакубат жашап, мамлекет кубаттуу болот деп, элге кабыл алдырды.

II

Отуз жыл ушул ишенимдер, тандалган багыт менен жашаган өлкөбүздө:

– Отуз жолу өкмөт алмашып, 11 жолу баш мыйзам жаңыланып, айыл чарба, өнөр жай тонолуп, талкаланып, жумушсуз калган бир жарым миллион кыргыз бөлөк өлкөлөргө кеткенге аргасыз болуп, эл казынасынан отуз миллиард доллар уурдалып, коррупция бийликтин колун байлап, бутун тушап, шал кылды;

– биринчи президент мекенибизди кемитип (Үзөңгү куш, Каркыра), күнөөсү жок Аксы элин атып, Кумтөрдү чет өлкөлөргө сатып (мыйзам бузуу менен Центерра түзүп), артын карабай, берген антын унутуп, качып кетти;

– экинчи президент Кумтөрдөн өз үлүшүн алып, баласын өлкө башкартып, беш миллион коюм бар детип, жөөттөргө эл казнасын карматып, 90 жигитти атып өлтүрүп, 1300 адамды майып кылып, сыртынан соттолуп, качып жүрөт;

– өлкөнү менчик ишканасындай башкарып, талас эли Абыке, Көбөштүн тукуму, Казакстанга кошулгула, нарындыктар малсыңар, көлдүктөр катынсыңар деп дөөрүп, кытайдан алган бир жарым миллиард доллар карызды элдин моюнуна илип, жарымына жакынын табакташтары менен уурдап, жеп, акчанын жана бийликтин күчү менен өз оордуна жөндөмсүз, билимсиз, мажирөө доосун калтырап, абакта жатат;

– соттолгон премьер-министр, министр, депутаттардын санынан эл адашып;

– мамлекеттик идеология жүргүзүлбөгөн үчүн кыргыз эгерим көрүп, билбеген көр талаш, сөөк талашка учурап, демократ, либерал, баптист, мунист, вахабист, салафист, эскичил, жаңычыл, батышчыл, орусчул болуп бөлүнүп, элдин башы бирикпей, күч аракети чачылып, чаржайыт болуп, мекенибиздин ыйыктыгы, улутубуздун улуулугу унутулуп, калк кароосуз калган жетим баланы элестетип турат;

– Үмүтү акталбаган эл өлкө абалына наразы болуп, үч жолу президенттерди мөөнөтүнөн мурда алмаштырууга аргасыз болду, бирок өз жеңишин улам шылуун, шумпай, арам саясатчыларга алдырып келди;

– расмий маалыматка ылайык эки жарым миллион калк жакырчылыкта жашап, Россия, Казахстандагы кыргыз мигранттар жылына эки миллиард доллар туугандарына которуп, элин багып калды;

– эл бийликти шайлап бергенге гана керек болуп, электорат, шайлоочу деңгээлине түшүп, бийликке үнү жетпей, сөзү өтпөй, өзүн да, бийликти да багып жатат;

– бир дагы президент, министр, депутат эгерим, эч качан элге жооп бербей, каалагандай бийлик жүргүзүп, капчыгын толтуруп, байып, басып кеткени адатка айланды.

Демек, отуз жыл мурун тандалган жол өзүн актабаганы талашсыз жана толук аныкталып, жалпыга белгилүү болду.

Өлкөнүн коомдук саясий жана башкаруу түзүмү жараткандан талкалаганы көбүрөөк болду. Өткөн отуз жылдын күңгөй-тескейин калыс таразалап, адилет баалап, эски жол менен дагы артка кете беребизби, же келечекке алып барчу жол табылабы - деген суроо ар бир кыргыздын тагдырын чечкен маселеге айланып калды.

III

Кыргызстандын аянты - 198 миң км², дүйнөнүн 105 өлкөсүнөн чоң.

Израиль - 21 миң км², эли 8 млн (Чүй областы - 19 миң км²), Ливан - 10,5 миң км². Кипр - 9 миң км² (Талас областы - 11 миң км²), Эстония -45 миң км² (Нарын областы - 47 миң км²), Латвия - 63,7 миң км², Грузия - 69,7 миң км² (Чүй менен Нарын областары - 66 миң км²), Тайвань - 36 миң км², эли - 24 млн (Жалал-Абад областы - 34 миң км²) , Түштүк Корея - 99 мин км², эли - 45 млн, Кувейт - 17,8 миң км², (Баткен областы - 17 мин км²).

Отун олжо, суу кордук - дейт кыргыз. Бир жанга таза суу Кыргызстанда - 13,830 м², Кытайда - 2295 м², Индияда - 2244 м², Иранда - 1719 м², Англияда - 1222 м², Египетте - 939 м², Израилде - 2389 м², Сауд Аравияда - 249 м², Кувейтте - 95 м².

Адамзаттын 70 пайызы бүгүн таза сууга жетпей калды.

Элдин сабаттуулугу боюнча:

Кыргызстан - 14 орунда, АКШ - 19, Россия - 22, Франция - 29, Жапония - 31, Англия - 38, Малазия - 94, Турция - 100, Кытай - 102 орунда.

Демек, экономиканы өстүрүп, эл турмушун көтөрүүдө маселе жок деп кесе айтсак болот.

IV

Бир жарым миллион жаңы жумуш орун түзүп, мигранттарды мекенибизге кайтарып, жылына 10 миллиард доллар киреше табуу жолу.

Отуз жыл боюу балдарыбызды окутуп, билим берип, нечен миллиард сом каражат бөлүп, бойго жетип, күчүнө толуп, элине кызмат кылаарда өлкөбүзгө керегиңер жок, Россия, Казахстанга кете бергиле - деген саясат кыргыз элине кыянатчылык, мамлекеттин келечегине балта чабуу, улут алдында кылмышка тете.

Жеке менчик кубаттуу, толук көз карандысыз мамлекеттин экономикасын куруп бере албаганын тарыхтан жана дүйнөдө эң өнүккөн 20 мамлекеттин тажрыйбасынан көрүп олтурабыз.

Бул мамлекеттер ички соода тармагына сырттан товар киргизбейт жана өз элин жумуш менен камсыз кылуу максатында сырттан келген мигранттарды катуу көзөмөлдөп, чектеп турат.

"Шоро" компаниясын Казахстан, Кытай киргизбей көйгөнү буга далил. Алар сапаттуу сүт, өздөрүндө өспөгөн мөмө-жемишти гана алышат.

Мигранттарды өлкөбүзгө кайра алып келүү үчүн бир жарым миллион жаңы жумуш орун жеке менчик да, инвесторлор да түзүп бере албайт.

Демек, айтылган эки маселени мамлекет гана чече алат.

Ушул максатта, сегиз мамлекеттик концерн түзүү зарыл.

**Биринчи.** Булак сууларын тундуруп, идишке куюп, күнүнө 24 саат иштеген биринчи жылы - 500, экинчи жылы - 1000, үчүнчү жылы - 2000, төртүнчү жылы - 4000 линия куруп, жүз жыйырма миң жаңы жумуш орун ачып, жылына бир жарым, үч миллиард доллар пайда тапса болот.

**Экинчи.** Балыкчыдан Долинкага чейин, Баткен областында тамчылап сугарып кулпунай, абрикос, карагат, жүзүм, малина өстүрүп, беш жылда 600-800 миң гектарга жеткизип, 400 миң жаңы жумуш орун ачып, жылына 3-5 миллирад доллар пайда алса болот.

**Үчүнчү.** Ысык-Көл, Соң-Көл, баардык суу сактагычтарда ак балык өстүрүп, жарымын ыштап сатып, 150 миң жаңы жумуш орун ачып, жылына 2-2,5 миллиард доллар пайда тапса болот.

Бул тармакта: күзөтчүлөр, балык багып, кармап, ыштагандар, илимпоздор, логистика, маркетинг, реклама, транснпорт-баары биригип 200 миң жумуш орун камсыз кылса болот.

**Төртүнчү.** Кол өнөрчүлүк концерн жүн, тери, сөөк, таш, чий иштетип, сувенир чыгарып, кыш мезгилинде 150 миң, жайында 70-80 миң адамды жумуш менен камсыз кылса болот.

**Бешинчи.** Дары чөптөрдү чогултуп, кургатып, майда пакеттеп, сатуу концерни. Дары чөптөрдүн түрлөрүн, ачыттарын изилдеп, илимий негизде чогултуп, аянттарын коргоп, кеңейтип, логистиса, реклама, маркетинг менен 35-50 миң адамды жумуш менен камсыз кылса болот.

**Алтынчы.** Токой аянттарын жылына 300-500 миң гектарга көбөйтүп, 5-6 миллионго жеткизип, жыгач иштетүү концерни (эмерек, курулуш жана башка буюмдарды чыгаруу) 70 минден - 150 миң адамды жумуш менен камсыз кылса болот.

**Жетинчи.** Табигый таза, премиум класстагы азык-түлүк өндүрүү, табигый жер семирткичтерди чыгаруу, химия заттардан (гербицид, пестицид ж.б.) толук баш тартуу.

**Сегизинчи.** Тышкы жана ички саякат концерни, саякаттын баардык түрлөрүн жөнгө салуу, инфраструктураны, логистика, реклама, маркетингин чечип, жылына өлкөгө эки миллиондон 6-8 миллионго чейин сырттан келген саякатчылардын санын жеткизүү. Бул концерн жалпысынан үч жүз миң кишини жумуш менен камсыз кылса болот.

(Синцзянь-уйгур автоном районунун калкы 21 млн. адам. Жылына келип кеткен саякатчылардын саны 18 млн).

V

Өлкөбүздүн саясий-коомдук жана башкаруу түзүмү жаңы багытка төп келгенде өзгөрүлбөсө бул концерндер ийгилик жарата алат.

Жаңы түзүмүн аныктоодо кайсы билимге, окууга, кимдин тажрыйбасы үлгүсүнө таянуу керек: Маркс, Ленин, Сталиндин билимине таянган СССР 80 жылга жетпей кыйрады.

Капитализм кийинки эки кылым убакытта дүйнө диндерин жеңип, алсыз кылып, таасирин жокко чыгарды. Коронавирус апааты адамзаттын эсин оодарып, шайын кетирип, дүйнө өлкөлөрүндө орун алган башкаруу түзүмдүн баары мезгил талабына жооп бербей алсыз жана жараксыз экенин ачыкка чыгарды.

Мындай абалда өлкө келечегине жол издөөдө дагы отуз жыл текке кетирбей, алты миң жыл тарыхый жол баскан бабаларыбыздын тажрыйбасына таянып, үлгү алсак болбойбу?

Манас бабабыздын атын Непал, Индия, Тибет, Кытай, Кавказ, Алтай, Борбордук Азиянын даңазалуу дарыя, көл, чокуларына кыргыз байыркы заманда эле койгон, бирок бүгүн ар бөлөк динди карманган түркүн элдер ал жерлерди ыйык тутуп, сыйынганы бекер эместир!?!

Бийлик Жаратканда, андан кийин элде! Адилет болбой эл жарыбайт: эл байлыгы - адилет, таянычы - калыстык, келечеги - акыйкат! Кан бийлигинен нарк күчтүү! Эл бир болсо, бийлик тим болот. Атабыз-нур, энебиз-жер, каныбыз-суу, жаныбыз-аба. Эркек-сел, аял -көл! Эркектин билеги, аялдын тилеги күчтүү. Аял - үйдүн шам чырагы, тилеги, эркек - үйдүн күч кубаты, тиреги.

Иттин ээси болсо, бөрүнүн теңири бар. Жерге, сууга кесир кылсаң, Теңирим кырсыктап коет. Теңирим теңдикти жалгайт. Элде болсо тең болсун, тең болбосо көпчүлүктүн сугу өтүп кетет. Арам жукпайт. Уйгө каргыш алып келбе. Кан тукум кууйт. Пейилиң оңолмоюн, ишиң онолбойт. Бата менен эл көгөрөт. Элине пайдасы жок тирүүнүн өлүгү.

Бул акыл, насаатты бабаларыбыз байыркы замандарда эле таап, аларга таянып, коло доорунан бери жок болуп кетпей, дүйнө элдеринин алдыңкы катарында жүрүп, Манас эпосун жаратып, бизге бейиштин төрүндөй керемет Мекен мурастаган экен!

Мекенибиздин жер байлыгы, суу байлыгы, табигый шарты дүйнө элдерди суктандырып турса, элибиздин рухий казнасы: ыйман, адеп, наркы, салты, сабаттуулугу бөлөк элдерге үлгү болуп турса, байыркы, даанышман бабаларыбыздын бактылуу жолу кан-жаныбызда уюп турса, кыргыз муктажбы улуу жолдон адашып, баптист, мунист, вахабист, салафист, либерал, консерватор, интернационалист, космополит, капиталист ж.б. болуп, 275 саясий партия түзүп, бөлүнүп, жарылып, чачылып, карызга жашаган байкуш, бечара, бечел эл болууга? Албетте , муктаж эмес!!!

Келечек Кыргызстанга бабаларыбыздын байсалдуу жолу куттуу болсун!!!

**09.09.2021-ж.**

# КЫРГЫЗ ТИЛИ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТИНДЕ ГАНА ӨНҮГӨ АЛАТ



**Алмаз КУЛМАТОВ,**
**саясий серепчи**

Тил - тез саясатташкан татаал маселелердин бири. Айрыкча постсоветтик мейкиндикте бул ого бетер талылуу, дароо дүрт этип кетчү касиетке ээ.

17-июлда Президент Садыр Жапаров "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" конституциялык Мыйзамга кол койду. Бирок Конституцияга өзгөртүү жана толуктоо киргизилгени жок. Демек Баш мыйзамда белгиленген орус тилинин расмий тил катары статусу сакталуу. Эч ким ага кол тийгизип, орус тили расмий тил деген жобону Конституциядан жулуп ыргыткан жок. Бирок Москва дароо реакция жасады.

Байыркы элдин, Борбордук Азиядагы күчтүү этностун бай тили, азыркы учурдагы суверендүү мамлекеттин өзөгүн түзгөн, өлкөгө атын берген улуттун эне тили жана дүйнөлүк цивилизацияга айырбаштагыс салым кошкон көркөм мурастарды жараткан кыргыз тилине мамлекеттик тил статусун ыйгарган биринчи конституциялык жобо 1929-жылкы Кыргыз АССРнын Баш мыйзамында белгиленген. Бул факт, юридикалык акт. Кыргыз ССРнин 1937-жылдагы Конситуциясында кыргыз тилинин мамлекеттик тил экендиги тууралуу аныктама алынып, анын ордуна кыргыз тилин колдонуу чөйрөсүн тарыткан жоболор менен алмаштырылат. Сот иштерин аймактарда калктын санынан жараша орус, өзбек ж.б. тилдерде жүргүзүү сыяктуу жоболор кошулат. Бул жыл кыргыз журт башчыларын жок кылган кандуу репрессия апогейине жеткен жыл экени белгилүү. Андан кийинки, 1978-жылкы конституцияда да кыргыз тили мамлекеттик тил тууралуу статусунан кур жалак калган. 1929-жылкы Кыргыз АССР конституциясынын кийин туура 60 жылдан кийин, 1989-жылы гана кайрадан кыргыз тилине мамлекеттик тил статусу ыйгарылат. Конституция менен эмес, жөнөкөй мыйзам менен ыйгарылат. Албетте, Кыргыз ССРинин мамлекеттик тили - кыргыз тили тууралуу 1989-жылдагы мыйзам ошол мезгилдин өтө чоң жеңиши, суверенитеттин чыныгы актысы болгон. Тилекке каршы, мыйзам кабыл алынгандан кийинки мезгил ичинде кыргыз тили мамлекеттик тил катары бекем орун ээлей албады. Тескерисинче 60 жыл мурдагыдан айырмаланып, башка улуттар эмес, кыргыз улутундагы мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин кыргыз тилин билүү проблемасы жаралды, эне тилин билбеген муун, мамлекеттик тилде сабаттуу жаза албаган, сүйлөй албаган чиновниктердин чоң катмары жаралды, эне тилин билбеген эки муун калыптанды. Анткени көрүлгөн аракеттердин майнабы аз болуп, мыйзамдуу, конкреттүү иштерге караганда эмоциялык деңгээлдеги мамиле, эсептелбеген, тактalbаган кадамдар, декларативдүү ураан-чакырыктар, популисттик маанайдагы иштер басымдуулук кылды, ички тоскоолдуктар арбын болду. Ошентип мамлекеттик тил мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин ишинде, билим берүү, маданият, маалымат чөйрөсүндө дээрлик колдонулбай келгени маалым. 74% кыргызды өз мекенинде кыргызча сүйлөтө албай, кыргызга эне тилин үйрөтө албай убарабыз. Эми минтип суверендүү өлкөнүн Президентинин өз өлкөсүнүн мамлекеттик тили тууралуу Конституциялык мыйзамга кол коюшу орус бийлигинин расмий реакциясын жаратты. Орус тышкы иштер министри Сергей Лавров коммерциялык уюмдарынын башчылары менен жолугушуусунда кыргыз тили тууралуу мыйзамга кабатыр экендигин билдирип, мыйзам тууралуу идея жаралганда эле аны демократиялык эмес кадам деп "Кыргыз досторду" эскерткенин билдирди. Процесстерди жактырбоо ("Татаал процесстер жүрүүдө. Борбор Азияда мыйзамдарды кабыл алууга аракеттенип жатышат"), ички ишке баа берүү ("Демократиялык эмес кадам"), эскертүү ("биз бир нече ирет эскерткенибизге карабай"), кайрадан эскертүү, каңкуу - "Опять будем продолжать работать. Несколько раз предупреждали, но возобладала другая линия".

Ошентип дипломатиялык мекеменин жетекчиси Лавров "Ишти кайта улантабыз. Бир нече ирет эскерткенбиз. Бирок башка багыт үстөмдүк кылды" деп, орус тилинин, орус маданиятынын, орус билиминин тыштагы ордун бекемдөөгө багытталган аракеттердин контекстинде билдирди. Абай салган кишиге "Башка багыт" (другая линия) деген сөз айкашы доминант аныктама экени байкалат. Орус бийлигинин көз карашына туура келбеген нерселер башка багыт, бөлөк, чоочун, жат көрүнүш, муну менен тынч калбайбыз, кайрадан ынандырууга аракеттенебиз деген маани өзүнөн өзү келип чыгат. Президент Садыр Жапаров сыпаа жооп кайтарып, орус тили расмий тил катары колдонуудан чыкпайт деп, орус тилинин конституциялык статусун эске салды.

## Тил геосаясий фактор

Орус дипломатиясынын орус тилинин чет өлкөлөрдөгү абалы үчүн кабатырлануусу, орус тилинин маанисин артыруу аракети кадимкидей тажрыйба. Ага чычалап, ички ишке кийлигишүүдө деп жер тепкилештин кереги жок. Лавров өз милдетин аткарып, кызматын кылып жатат. Анын үстүнө Европа жана АКШ менен кармаша берип мурда эле бай тажрыйбага ээ орус дипломатиясы ого бетер такшалды. "Орус тилин жана орус тилдүү мекендештердин укугун коргоо Евразиялык интеграцияны тереңдетүү, Орусиянын дүйнөлүк экономикада позициясын бекемдөө сыяктуу эле тышкы иштер министрлигинин көңүл борборунда болуусу абзел". Бул орус өкмөтүнүн башчысы М. Мишустиндин былтыр 10-февралда орус дипломаттарынын расмий майрамында сүйлөгөн сөзү.

Ага үндөш пикирди министр Лавров да айтты: "Орус тилин жайылтуу боюнча атайы комплекстүү программа даярдалып жатат. Программа министрликтин жана "Русский мир", Россотрудничество сыяктуу мекемелердин, институттардын орус тилин коргоого жана аны жайылтууга арналган ишин илгерилетет". Ал эми президент Владимир Путин былтыр президент Садыр Жапаров менен жолугушууда "Кыргызстанда орус тилин колдоо эки өлкөнүн ортосундагы мамилелерде негизги пайдубал болуп эсептелет" деп кашкайта айтты.

2023-жыл КМШда "Орус тилинин жылы" деп жарыяланды. А Кыргызстан КМШнын ушул жалдагы төрагасы. Жыл ушинтип жарыяланган соң биздин дипломаттар не демек, ооба, кубаттайбыз, Кыргызстанда орус тилин колдоо жана аны жайылтуу боюнча маанилүү иш чаралар өтөт деди.

Ошентип Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили мамлекеттер аралык мамиленин анабашы экен, дипломатияда орчундуу маселеге айланыптыр. Эч ким эч кимге ыдык көрсөтүп, укугун чектегени жок. Бирок Кыргызстанда кыргыз тилин – калктын 74 пайызынын түзгөн улуттун эне тилин өнүктүрүүгө байланышкан, мамлекеттик тилдин мамлекеттик деген укуктук статусун реалдуу ишке ашырууга багытталган ар бир аракет негедир ичте да, тышта да талаш жаратат, айрымдардын итиркейин келтирет, терс реакциясын пайда кылат. Дароо эле ар кайсы трибунадан орус тилинин укугу чектелмей болду, орус тилдүүлөр запкы жемей болду сыяктуу аныктамалар дароо мөндүрдөй жаайт да калат.

Орус тили саясаттын фактору, таасир этүүнүн куралы. Салыштыралы. Кыргызстандын мамлекеттик тилинин ушул мамлекетте кадыресе колдонулушуна умтулуу аракетин демократиялык эмес атаган Орусиянын мыйзамында кандай? Ар ким каалаган тилди каалаган жерде колдонобу? Жок. Даана, так жазылган. "Россия Федерациясынын мамлекеттик тили жөнүндө" N 53-ФЗ федералдык мыйзамдын 3-беренесинде мамлекеттик орус тили милдеттүү түрдө колдонулуучу чөйрөлөр тизмектелет. Мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары гана эмес, менчигинин түрүнө карабастан бардык уюмдарда, шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүүдө, сот өндүрүшүндө, билим берүүдө, маалымат каражаттарында, рекламада, кинозалдарда фильмдерди көрсөтүүдө, адабияттын, искусствонун чыгармаларын коомчулук алдында аткарууда, керектөөчүлөргө арналган товарларда, кызмат көрсөтүүдө, кыскасы коомдук, саясий, соода-экономикалык, маданий, интеллектуалдык, маданий турмуштун бардык чөйрөлөрүндө колдонулууга милдеттүү. Мыйзам 2005-жылы кабыл алынган.

## Кош стандарт

Азербайжан Республикасынын Конституциясында азербайжан тили гана мамлекеттик тил статусуна ээ. Орус тили улуттук азчылыктын тили катары эсептелет, расмий статуска ээ эмес. Бирок ошол эле Сергей Лавров "Азертадж" маалымат агенттигине берген интервьюсунда "Азербайжанда орус тилдүүлөр калктын 2% түзсө да, орус тили республикада чоң мааниге ээ, ондгон мектептерде окутуу орус тилинде жүргүзүлөт экен" деп канааттануусун билдирген.

Арменияның 1978-жылдагы советтик конституциясында эле армян тили мамлекеттик тил деген статуска ээ болчу. Кийин, 1993-жылдагы тил жөнүндө мыйзамда жана эгемендикке жеткендеги конституциясында армян тилинин мамлекеттик статусу бекемделет. Бардык чөйрөдө армян тили милдеттүү колдонулат деген жобо бар. Орус тилинин статусу мыйзамдарда көрсөтүлгөн эмес, улуттук азчылыктын тили катары гана эсептелет.

*(Уландысы 12-бетте)*

# КЫМЫЕВДИН КАРМАЛЫШЫ

*(Аңгеме)*



Гүлзада СТАНАЛИЕВА

Уюлдук телефондун коңгуроосу жаналекетке түшүп чырылдады. Айгүлдүн ичке манжалары керебеттин жанында турган тумбанын үстүн сыйпалап атып чырылдаган үндү өчүрдү. Саатты караса – жети. Сегизде жумушунда болушу керек. Айла жок көзүн бир ачып, бир жумган бойдон ваннага жөнөдү.

– Сабыр, тур. Мен кечигем. Тур, жуун, - деди Айгүл бөлмөгө кирери менен жууркаңына оронуп алып уктап аткан күйөөсүнө.

– Канча болду? - деди эркек.

Айгүл саатты карады.

– Жетиден жыйырма мүнөт өтүптүр. Бол. Кечиктим, - деп шкафтан кийимдерин алып чыгып шашып кийине баштады.

Кийинип жатып, тумбанын үстүндөгү телефонунан «Ютуб каналга комментарий келип түштү» деген билдирүү турганын көзү чала калды. Каерде кандай шартта турбасын, ютуб каналына бирөө жазганын көрөр замат окумайын жаны тынбайт. Бу сапар да дароо ашыга ача салды.

Сабыр бөлмөдөн чыгып баратканда шыпылдап кийинип жаткан аялы жуунуп келгиче өң-алеттен кетип, мойнуна илген кофтасынын бир жеңин кийип, бир жеңин кийбей, дел болуп отурган экен.

– Сага эмне болду? – деди чочуган күйөөсү.

– Бирөө Шаризаттын ырына аябай жаман сөз жазыптыр, - деди Айгүл.

– Кана? Берчи! - деп, эркек телефонго умтулду. Аялы күнөөлүү карап:

– Өчүрүп салдым, -деди мунайым.

Жазган кишинин фамилиясы ким эле деп ойлоно калды анан. «Ии, Кымыев деген болчу. Эстеп калбасам. Дагы жазып жүрбөсүн, өчөшкөн бирөө болсо» деп бир канча жолу «Кымыев, Кымыев» деп ичинен кайталады. Анча телефонуна Шаризаттан «Менин ырымдын астына бирөө жаман сөз жазды эле эмеле, таппай калдым» деген билдирүү келди. «Ии, Шаризат көргөн тура» деп Айгүл мулуйду. «Кандайсың? Мен аны өчүрүп салдым» деп жооп берди катка. «Аа, мен ошол комментарий жазган немени сотко берейин дегем» деди Шаризат. «Ии... сотко бересиңби? Кап, өчүрүп салдым да. Сени көрбөсүн дегем. Мен анда компьютерщиктерден сурайынчы, кайра тапса болор…» деп жооп берди жумушуна шашып аткан Айгүл.

«Ии, каяктан өчүрө салдым эле тың болуп, - деп кобуранды өзүнчө анан. – Эми кимден сурайм мунун жолун. Бүгүн жумушта компьютерщиктерге унутпай чалып сурайынчы, - деди да сыртка ашыга жөнөдү.

***

Ошол күнү Айгүлдүн ютуб каналына үч киши катталды. Бири милиционер, бири тергөөчү, бири прокурор. Катталгандар ким экенин Айгүл ошол эле күнү Шаризаттан билди.

«Мындай ишти райондук сотто такыр караган эмеспиз. Мушташкан, чачташкандарды эле карап келгенбиз. Сеникинде карай турган эч нерсе жок дешти. Көгөрүп отуруп алдым. Айттым: тиги киши менин өзүмө асылса мейли, тим коет элем. Менин эң аяр дүйнөмө суук сөзүн агытып атат. Ырыма жазып атат комментарийди. Негизи жок жаманатты кылып атат. Жылуу үйүндө отуруп алып, ар кимге жаман комментарий жазганынын эсесин тартсын. Үйүнөн убараланып кийинип чыгып, ушул көчө менен басып силерге келип, сурак берип, түшүндүрмө жазсын дедим!» - Шаризаттын үнү телефондон өктөм чыкты.

– Ии, анан карашмай болдубу деги? – деп сурады кабатырлана Айгүл.

– Ыргылжың болушат да. Ачуум келди ошого. Анан айттым: силер Райымжан акенин мал базарынын тегерегиндеги чырды карап, меникин неге карабайсыңар? Райымжан аке деген бир бай бар биздин райондо. Ошонун мал базары талашка түшүп, дүү-дүү кеп боло берет. Райымжан акенин байлыгы – мал базары болсо, менин байлыгым – ырым. Экинчиден, силер коомдун аяр катмарын коргошуңар керек. Керек болсо акындар да аяр катмарга кирет. Коргоого муктаж дедим», - Шаризат ызалуу сүйлөп жатты.

Анын сөзүн Айгүл иштеген жеринде коридордо телефонун кулагына такап басып жүрүп укту.

– Мейли эми, күтө туралы. Таап калышар, - деди Айгүл кабинетине кирип баратып коштошкону камынып.

– Ооба. Деги ушинтип көрүнгөнгө интернеттен асылып уу сөзүн агыта бергендерди тиешелүү жазага тартыш керек да. Акыры бирөөнө жасаган иши үчүн жооп бердиртип коелу. Ошо Кымыев болсун! - деди Шаризат.

***

Тергөөчүнүн кабинети. Бир стол, документтер шыкалган шкаф. Төрт-беш отургуч. Кийим илгич. Столдун үстүндө эски типтеги компьютер менен эски типтеги принтер. Тунжураган тынчтык.

Шаризат барганда тергөөчү бир чоң папканын кагаздарын чачып карап отурган экен. Акырын эшигин черттип, анан жообун укпай эле ичкери кирди. Тергөөчү киши киргенин көрсө да, башын кагаздан көтөргөн жок. Шаризат босогодон үнүн бийигирээк чыгарып саламдашты. Тергөөчү башын ийкеп алик алганы менен, жүзүнө карабады. Шаризат турган жеринде оңтойсуз туруп калды. Тергөөчү бир саамдан кийин гана үнүн кырып келип, «келиңиз жакыныраак, отуруңуз» деп астейдил көңүл бурган болду.

– Келдим. Эмне кармалдыбы? – деди Шаризат эси-дарты Кымыев болуп.

– Сиз отуруңуз, отуруңуз. Шашпаңыз. Адегенде таптыңарбы деп сурасаңыз. Анан кармалат да. Кармаганда деле ага эскертүү беребиз ашып кетсе. Биртике айып пулга жыгарбыз, - тергөөчү кыртышы сүйбөй сүйлөгөнү билинди.

– Сиз адегенде табыңызчы. Анан нары жагы мыйзам боюнча кандай болсо, ошондой болсун. Мен сиздерге Кымыевди таап, түшүндүрмө ишин жүргүзүп, жылуу жумшак үйүндө отуруп бирөөнүн жүрөгүн оорутуп комментарий жазарда ойлоно турган кылып коюшуңуздарды гана өтүндүм эле. Эки айга чамалап баратат. Али ишиңердин кымындай да дайыны жок! - акыркы сүйлөмдү Шаризат ызалуу айтты.

– Издеп атабыз. Көрүп турбайсызбы, - алдындагы чоң папкадагы чачылып жаткан кагаздарды көрсөттү тергөөчү. – Иш чачтан көп. Мен жалгызмын. Бу жерде, - кагаздарды өйдө көтөрдү. – бир нече оор кылмыштар турат. Ошого сиздин иш бир аз кармалып атат. Туура түшүнүңүз бизди сиз дагы, - деди анан кабагын чытый.

– Мен түшүнүп эле турам. Силердин ишиңер көп. Бирок менин арызыма да убакыт бөлгүлө. Кызуусунда таап… - дегиче тергөөчү сөзүн кести.

– Убакыт болсо эле карайбыз деп айтпадымбы. Анын үстүнө комментарийди да өчүрүп коюпсуздар. Далил жок караш кыйын. Комментарий болгондо башка кеп. Ошон үчүн ишти жаап эле салалы. Эмне кыласыз, башыңызды оорутуп, бул жакка каттап… - үнү жумшарып, тергөөчү Шаризаттын жүзүнө тигилди.

– Болбойт! Мен башында эле айткам, баш тартпайм деп. Туура түшүнүңүз, бул көк беттик эмес! Мага асылса – башка кеп. Ырыма асылып атат, ырыма! - Шаризаттын ачуусу келип эки бети кызарып чыкты. – Ишти ача турган негиз жок дейсиз. Кандайча негиз жок? Менин эң аяр дүйнөмө кол салып атат. Ошондон бери жакшы уктабай да калдым. Балким мен мини инфаркт алгандырмын. Кандайча негиз жок? Сиз Алыкул Осмоновдун эмнеден өлгөнүн билесизби?

– Билебиз, кургак учуктан өлгөн, - тергөөчү суз унчукту.

– Жок! Кургак учук – натыйжасы, бержактагысы. Байкуш акын ырларына карата айтылган адилетсиз ачуу сындардан көңүлү кирдеп, ооруга туруштук бере албай калган… - деди да, үнү каргылданып токтоду, дагы бир сөз айтса, эчкирип ыйлап жибере тургандай… Дене боюн майда калтырак басты. Небак өлгөн Алыкул акындын өз көзү менен көргөндөй айтып салганына өзү да таң калды. Мындай ой ага мурда дегеле келген эмес. Улуу акындын окуясын тергөөчү «маанисиз, негизсиз» деген өзүнүн окуясына дал келтирип, тиги маңдайында отурган тоң мүнөзгө таасир этем деди го, чамасы.

Тергөөчү маңдайындагы аялдын үрпөйгөн түрүн көрүп, кыжыңдашып отурбайын дедиби, сөздү башка жакка бурду.

– Деги эмне деген ыр эле. Көрсөтүңүзчү, - деп, кызыккандай түр көрсөттү.

Буга чейин Шаризат канча айтса да, кийин угам деп укпай койгон. Ошо шумпай Кымыев ага кошумча баш оору кылып жазган балакет комментарийге себеп болгон ютуб каналга катталышын катталган. Бирок андагы ырды ачып уккан эмес. Ыр угуш эле калды эле эми мага деп кыжыры келген. «Деги ушу адамдар кызык. Болбогон нерсе менен келип башты оорутушат. Ушинтип бетине айтсаң, сенин үстүңдөн да арызданышат».

Тергөөчүнүн оюн Шаризаттын телефонунан чыккан музыка бузду. Ыргагы жагымдуу музыканын артынан аял киши дирилдеп ыр окуп кирди. Ыр жайбаракат башталып, улам темпи күчөп барып, анан… үшкүрүк коштогон ыргак менен аяктады. Ыр сүйүү тууралуу эле. «Күттүм сени, күттүм сени…» деген саптар тергөөчүнүн кулагына калды. Терезеде жамгыр үнү билинер-билинбес угулуп, ага ырдын ыргагы кошулуп, өзүнчө бир керемет дүйнө тергөөчүнү сыйкырлап бараткандай болду.

– Ыр ушул. Анан ушу ырга тиги Кымыев деген неме жазып атпайбы кашайтып, - деди Шаризат телефонун чөнтөгүнө салып жатып.

– Айтыңызчы, эжеке, махабат менен сүйүүнүн айырмасы кандай? – деп сурады тергөөчү тунжураткан оюнан ойгонуп.

– Анын ишке кандай тиешеси бар? – деп суроолуу тигилди Шаризат.

– Тиешеси жок, албетте, - тергөөчү столдогу кутучадан бир тамекини сууруп алып күйгүздү. Оозунан чыккан түтүндү жогору үйлөп: - Сураганымдын себеби… сүйлөшкөн кызым менден кетип калды. Урушкан деле эмеспиз… Эми анда-санда түшүнбөстүктөр болчу. Бирок, катуу кетчү эмесмин. Бир да жолу, - сөөмөйүн көргөзүп койду. – Өзүнөн өзү жылан чакпай, жылкы теппей эле кетип калды бир күнү. Борборго кетсе керек. Чалсам, албайт, - тамекисин өзөгүнө тартып-тартып алды.

Шаризат ага түшүнүп-түшүнбөгөн таризде тунжурап карап калган эле. Бир убакта үргүлөп кеткен кишидей чочуп кетти да:

– Билбейм, сизге жардам бере албайм. Укканга да убактым жок. Ишке да тиешеси жок, - деп кесе сүйлөдү.

– Кызык! – деди тергөөчү тамекисин күл салгычка өчүрүп жатып. – Экөөбүздүн ортобузда сүйүү эмес, жөн гана махабат сезими болгон окшойт. Мен сүйсөм да, ал сүйгөн эмес го дейм, – Шаризатты угуп жатабы, укпай жатабы, иши болбой сөзүн уланта берди. – Таанышканыбызга бир жыл болгон. Ал да сиздей болуп, арыз менен кайрылып келип калган эле.

– Анын да жүрөгүн бирөө оорутуптурбу? – деп сурады Шаризат.

– Жо-жоок! – тергөөчү жигит чын ыкластан күлдү. – Телефонун уурдаптыр. Ошону таап бергиле. Жакында эле атам өлгөн. Анын сүрөт-видеолорун телефонумдан компьютерге түшүрө элек элем деп келиптир. Эшиктен киргенде эле көзүмө жакшы көрүндү. Телефонун да тез эле таап бердим.

– Кылмышка шектүүнү тез табышыңыз үчүн сизге жагыш керек экен да киши, - деп тамашалады Шаризат жылмайып.

– Андай деле эмес. Мага оңой менен киши жакпайт өзү. Мүнөзүм да кырс. Сизди жазмакер экен деп гана сыйлап атам. Башка бирөө болсо, небак жолго салмакмын, - деди күлүп тергөөчү жигит.

– Аа ошондойбу? Анда кордук көргөн бечара үмүт менен бул эшиктен кирип, анан ого бетер көңүлү кирдеп кетет тура сизден, - деди Шаризат.

– Эми баарын карай бер-

сек, убакыт да жетмек эмес, нервибиз да түтпөйт. Бир чакасын жоготуп деле келе бергендер бар. Тиги кыз тууралуу айтып атпайт белем. Ошентип, телефонун таап колуна бердим. Атасынын сүрөт-видеосун ууру дароо өчүрүп салыптыр. Ошого аябай капа болду. Сооротуп, жанынан кетпей туруп калдым. Ошол, ошол болду. Анан ошо күнү кечинде эле «кафеден табылган телефонду жууп чай ичели» деп чакырдым. Ыргылжың болду. Эптеп көндүрдүм. Мамилебиз жакшы эле болчу. Кийинки кездерде негедир алыстап кетти менден. Анан айтпай эле кетип калды ушинтип, - тергөөчү үшкүрүп алды.

– Сиз аны издесеңиз, таап алмаксыз да. Издебедиңизби? – деп сурады Шаризат.

– Жок. Издегим келбеди. Кеткенге чейин эле сезчүмүн… сүйбөгөнүн. Кете берсин. Билгенин кылсын. Издеп тапканда кайтмак беле? – тергөөчү Шаризатка муңайым тигилди.

– Ооба, туура, кайтпайт го. Зордоп кайтара албайсыз. Аны жакшы билем, - деди Шаризат.

– Ооба, сиз аны жакшы билесиз, ырыңызда айтыпсыз, - деди тергөөчү сынай карап.

Шаризат андан көзүн ала качты. Эмеле жайдары турган жүзүнүн жаак эттери жыйрыла түштү.

– Мен кеттим. Кымыевди тапсаңыз, кабарлаарсыз. Мени жактырбасаңыз да, издээрсиз деп үмүт кылам, - деп ордунан турду.

– Жакшы барыңыз, - тергөөчү акырын үн катты.

Шаризат эшикти катуу жаап чыгып кетти. Тергөөчүнүн бөлмөсүнө тунжураган тынчтык кайра кайтып келди.

***

Айгүл электрондук почтасын текшерейин деп кирсе: «Почтаңыз толуп калды. Бош орун сатып алыңыз» деген жарыя туруптур. Бош орун сатып алгыча, окулган каттардан почтамды тазалайын деп, чекеден ишти баштады. Каттардан тышкары почтага ютуб каналынан билдирүүлөр да келген экен. Муну мурда баамга албаганын кара. Ютуб каналына жазылган комментарийлер тимеле жайнап кетиптир. Көрсө, почтасы ошолор менен эле толуптур. Четинен өчүрө баштады. Бир убакта… көргөн көзүнө ишенбейт. Кымыевдин жазган комментарийи турат бадырайып. Айгүл сүйүнүп кетти. Дароо скриндеп, Шаризатка жибермей болду. «Шаризат, куттуктайм! Кымыевдин «шедеври» табылды!» деп, артынан эмелеки түшүрүп алган скринди айдады. «Ии жакшы болбодубу. Кымыев табылар эми. Шаризат да көңүлү тынып калат» деп Айгүл чын ниетинен сүйүндү.

***

Кымыевдин комментарийи келген учурда, телефонун үйдө унуткан Шаризат, сейил бакта төрт жашар уулун ойнотуп жүргөн.

Тергөөчү райондогу эң кыйын деген программистти чакырып, Кымыевдин ким экенин, алтургай, каерде жашарын таап… көңүлү шайдоот болуп сүйгөн кызына телефон чалып жаткан.

Элди дүрбөлөңгө салган Кымыев деген неме болсо, аялы эмеле колуна карматкан тергөөгө чакырууну алып нес болуп отурган.

Ал эми Айгүл тергөө үчүн далил боло турган балакет баскыр комментарийди таап бергенине көңүлү тынчып, ютуб каналына Шаризаттын дагы бир сүйүү жөнүндө ырын эргип окуганга киришти:

«Жолдосуңбу, мен да жолдомун. Мен сени издеп, а сен мени издеп…»

# ПУШКИН КЫРГЫЗ ЖЕРГЕСИНДЕ



**Гүлжигит СОРОНКУЛОВ, Филология илимдеринин доктору**

Бир жарым кылымдан бери байыркы кыргыз жергесинде А.С. Пушкиндин аты, анын чыгармаларынын керемет саптары жашап келет. “Пушкиндин аты, анын чыгармачылыгы Улуу Октябрь революциясына чейин кыргыздарга белгилүү болгонбу?” деген өзүнүн суроосуна жооп катары Л. А. Шейман Пушкиндин чыгармачылыгынын Кыргызстанда пайда болушунун үч булагын белгилейт.

Алардын бири – турмуш-тиричиликтеги, чарбадагы жана маданий турмуштагы кыргыз жана орус калкынын ортосундагы алакалар. Мисалга алсак, орус калкынын Кыргызстанда пушкиндик маарекелерди белгилеши. Элге билим берүүнүн тарыхчылары тарабынан Михаил Васильевич Фрунзенин гимназист мезгилиндеги бир турмуштук факты өзгөчө белгиленген. Пишпек шаарынын ыйгарымдуу чогулушунун токтому менен “…в ознаменование дня столетия рождения великого русского поэта А.С. Пушкина” 1899-жылдын 20-мартында келечектеги полководец жана революционерге жөлөк пул төлөө чечими чыккан. (Байымбет Абдрахманов) М.В. Фрунзенин атасы менен жакын дос болгон жана ал кишиден фельдшердик билимдерди алган.

XIX-кылымдын аягы жана XX-кылымдын башында пушкин поэзиясынын биздин жергебизге дагы бир кирүү каналы – казак жана татар котормолору болгон. Анткени кыргыздардын сабаттуу адамдары тил жагынан тууган элдердин агартуучуларынын – Абай Кунанбаев, Ибрагим Алтынсарин, Габдулла Тукай жана Каюм Насыринин калемдерине таандык чыгармаларды (алардын ичинде котормолорду) кызыгуу менен окушкан. Бул чыгармалардын арасында Пушкиндин ырлары жана прозасы да болгон.

“В первые годы нашего (двадцатого. – Г.С.) века, – деп эскерет Кыргызстандын аксакал мугалимдеринин бири Ибрай Абдурахманов, – я учился… в городе Пржевальске. Я и мои товарищи, не имея издания на родном языке, жадно читали татарские издания, в которых печатались переводы произведений классиков русской литературы и в том числе великого Пушкина…”

Белгилүү кыргыз жазуучусу Касымалы Баялиновдун айтуусу боюнча, Казакстанга жакын жайгашкан райондордогу жашаган кыргыз калкы Пушкиндин “Евгений Онегин” романынан алынган поэтикалык котормолорун – “Татьянанын Онегинге жазган каты”, “Онегиндин Татьянага берген жообу”– казак адабиятынын классиги Абай Кунанбаевдин сөзүнө жазылган ооз эки түрүндө аткарылган ырды угуп таанышышкан.

Октябрь эпохасына чейинки пушкиндик поэзиянын кыргыз чөйрөсүнө кирүүсүнүн үчүнчү булагы – бул орус-туземдик мектептер. XIX кылымдын 80-чи жылдарында кыргыз жергесинде пайда болгон дал ушул окуу мекемелери аркылуу анча көп эмес болсо да кыргыз балдары орус тилине, орус маданияты менен адабиятына, анын ичинен биринчи кезекте Пушкиндин чыгармачылыгына тартылган.

Профессор А.Э. Измайлов кыргыз мектебинин тарыхы боюнча жазган монографиясында: “Многие выпускники русско-туземных школ…, благодаря знанию русского языка, ещё до Октябрьской революции читали в подлиннике бессмертные произведения великих русских писателей – А.С. Пушкина, М.Ю. Лермонтова, Л.Н. Толстого”, – деп жазган.

Пушкиндин ырлары Туркестандын орус-туземдик мектептери үчүн атайы С.М. Граменицкий түзгөн окуу үчүн биринчи китептерде берилген. Бул мектептерде мыкты орус педагогу К.Д. Ушинский түзгөн “Родное слово”, “Детский мир” жана “Хрестоматия” окуу китептери да кеңири колдонулган. Аталган китептердин биринчисинде, мисалы, балдардын кругозорун кеңейткен, аларга тирүү орус тилине болгон сезимин көндүм алдырган жана, албетте, аны өздөштүрүүнү бир топ жеңилдеткен Пушкиндин 15 ыры жана чыгармалардан үзүндүлөрү кирген.

Мына ошентип Пушкин сөзү кыргыздардын чөйрөсүнө революцияга чейин эле бир топ жыл мурун кирген деп коркпостон айтууга болот. Демек, адабиятчы М.А. Рудовдун “Пушкин был первым русским писателем, чьё крылатое слово дошло до Ала-Тоо” деген божомолун туура десек жаңылышпайбыз.

Кыргыздардын орус адабияты менен өз эне тилиндеги котормолор аркылуу таанышуусу негизинен XX кылымдын 20-жылдарынын аягына жана 30-жылдардын башына таандык. Бирок чындык үчүн белгилей кетүү туура болгудай, ошол жылдардагы кыргыз акындары көркөм котормонун маңызын өзүлөрү деле түшүнө беришкен эмес. Алар анын теориялык негиздери менен принциптерин билбей туруп эле, жакшы көрүп калган орус лирикасынын чыгармаларын тобокелге бел байлоо менен которууга киришишкен. “Поэтому, – в первых переводах можно найти самые разнообразные формы воссоздания. В большинстве случаев воссоздавался далекий от подлинника смысл”, – деп К.Х. Джидеева баса белгилеген.

Мисалы, “Кавказ туткуну” поэмасынан алынган жаш акындын келбей жаткан илхом жөнүндөгү пушкиндик өкүнүч сөзү:

*Но вы, живые впечатленья,*
*Первоначальная любовь,*
*Небесный пламень упоенья,*
*Не прилетаете вы вновь.*

Орус акындарынын ырларын которууга кайрылган кыргыз адабиятчыларынын биринчилеринен болгон К. Баялиновдун берүүсүндө оригиналдан мазмуну боюнча таптакыр эле алыс, көптү көргөн кишинин акыл-насааты формасында болуп калган.

*Таасирин кызык чактын жоё албайсың,*
*Биринчи ашыктыкка тоё албайсың.*
*Жаштыктын жалындаган кубанчына,*
*Кайрылып кайра келип, коно албайсың.*

*(Не уничтожишь влияния интересной поры,*
*Не насытишься первой любовью,*
*К языкам огня радости своей юности*
*Не сможешь вернуться и сесть).*

Ал мезгилдин котормолорунан адабий булакты сөзмө-сөз көчүрүүнү кездештирүүгө болот. Мына ушундай мааниси боюнча сөзмө-сөз которуунун натыйжасында, албетте, кыргыз адабий тилинин талаптарына такыр эле жооп бербеген, оркойгон, оригиналдан алыс котормолор пайда болгон. А.С. Пушкиндин айтуусу боюнча “Подстрочный перевод никогда не может быть верен. Каждый язык имеет свои обороты, свои усвоенные выражения, которые не могут быть переведены на другой язык соответствующими словами”.

Бирок оригиналды сөзмө-сөз которуу атайын ойлонуп жасалган чыгарманын түпнускасын бузуу аракети эмес экенин белгилей кетүү керек. Аларды чыгармачылыгын жаңыдан баштаган кыргыз авторлордун чет улуттук чыгармаларды толугураак кайрадан жаратуу жолдорун жана ыкмаларын изденүүнүн биринчи аракеттери катары кабыл алуу туура болот. Дагы да болсо Касымалы Баялиновдун котормосундагы “Кавказ туткуну” чыгармасынан алынган саптарга кайрыла турган болсок:

Казак, утонешь ты в реке,
Как тонут маленькие дети,
Купаясь жаркою порой:
Чеченец ходит за рекой.

***(Уландысы кийинки санда)***



№08 (294)
25 08 2023
kyrgyztili@mail.ru

# КЫРГЫЗ ТИЛИ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТИНДЕ ГАНА ӨНҮГӨ АЛАТ

*(Уландысы. Башталышы 9-бетте)*



Казак тилинин мамлекеттик статусу биздики сыяктуу 1989-жылдагы мыйзамда, 1993-жылы кабыл алынган конституциясында белгиленген. Казак конституциясында оорус тили улут аралык баарлашуунун тили деп көрсөтүлгөн. Тажикстанда да орус тили улут аралык катнаштын тили, расмий, мамлекеттик деген статусу жок. Түркмөн конституциясында түркмөн тили мамлекеттик, орус тили – эне тилин билүүгө укуктуу улуттардын эне тилдеринин бири катары эсептелеинет, эч кандай артыкчылыгы, өзгөчөлүгү жок. 2000-жылдан тартып расмий иш кагаздары латын арибинде жазылат.

Өзбекстандын мамлекеттик тили өзбек тили. Орус тилинин статусу мыйзамдарда көрсөтүлгөн эмес, республиканын аймагында жашаган улуттук азчылыктын тили деген даражага ээ. Орус тили башка тилдерден айырмаланып, бир гана мыйзамда "Нотариалдык аракеттер тууралуу" мыйзамда өз алдынча эскерилет. Болду. Башка жерде эч кандай артыкча макамга ээ эмес.

Армян, грузин өз арибине ээ. Тажикстан менен Кыргызстанда башкасынын баары латын арибине өтүү аракетинде. Азербайжан менен Өзбекстан латын арибин колдонуу маселелери менен эбактан бери алек. Түрк тилдүү элдер үчүн бирдиктүү латын арибине өтүү боюнча Стамбулдагы эл аралык симпозиумда кабыл алынган принциптерге ылайык латын арибине негизделген казак алфавитинин 31 тамгадан турган долбоору даярдалууда. Латын арибине өтүү аракеттери окумуштуулардын, лингвисттердин илимий иши менен чектелбейт, расмий саясат, мамлекет башчыларынын жарлыгы менен ишке ашып жаткан реалдуу кадамдар. Концепциялары, мамлекеттик программалары, жөнгө салган тиешелүү ченемдик укуктук актылары бар. Кирилл арибинен латын арибине өтүү келбеске карай кадам, орус тил мейкиндигинен алыска карай жол. Бирок мындай аракеттердин бирине да Москва Кыргызстанга чычалагандай чычалабайт. Орус тилинин расмий статусу көп постсоветтик республикаларда жок экендигин мыйзамдарынан көрүнүп турат. Бирок орус билиги билмексен, көрмөксөн. Кыргызстанга келгенде эле итататайы тутула кетет орус элитасы, медиасы, саясатчылары. Себебин боолголоого болот, бирок так кесе жооп айтуу кыйын. Бери дегенде кош стандарт байкалып турат.

А чындыгында орус тилинин позициясы постсоветтик өлкөлөрдүн көбүнө караганда Кыргызстанда кыйла бекем, абалы дурус, ыдыктан алыс.

Постсоветтик аймактын басымдуу бөлүгүндө, айрыкча Борбордук Азияда орус тили илим, билимдин, эл аралык жана улут аралык катнаштын тили. Республикалардын көбүндө орус тектүүлөр улуттук азчылык, бирок орус тилин билгендер, билингвалдар арбын. Ал тургай түрк тилдүү элдер да бири бирин өз тилдеринде жакшы түшүнсө да, өз ара орус тилинде баарлашат. Көнгөн, жеңил. Тарыхый, маданий, менталдык факторлор менен катар экономикалык жагдайлар да орус тилинин ансыз деле бийик ролун сактап, бекемдеп турат. Борбор Азияда бизнес негизинен орусча сүйлөйт. Евразия экономикалык бирлиги орус тилдүү бирикме. Шанхай кызматташтыгы орус тили басымдуу уюм. Таалай издеп орусияда эмгектенген мандикерлер үчүн орус тили – тиричиликтин тили. Бул реалдуулук. Орус тили Борбор Азияда кысымга кала турган тил эмес. Кыргызстандагы орус тилдүү серепчилер жазгандай, орус тили Москванын коргоосуна да муктаж эмес. Орус тили үндөөсү жок эле, үгүттөөсүз эле үйрөнө турган улуу тил. Бирок серепчи аталгандар кырдаалды кейиштүү деп баалап, коомдук пикир жаратууга дамамат умтулуп келишет: "Русский язык в Киргизии выживает самостоятельно, без поддержки Центра". Карабайсызбы, Борбордон колдоо жок, эптеп күн көрүп келген тил имиш. Илгертеден келе жаткан жаман адат көрүнбөйбү, кашайып күүсү алигиче жана элек, жүрүшү ыкчам, басыгы катуу. Тээ илгери Кыргыз ССРинин баш калаасы Фрунзеде кыргыз мектебин ачуу тууралуу кеп козголгондо Москвадагы журналисттер катуу айбат көрсөтүп, ага республикада жашап, иштеген жоон топ жазмакейлер, интеллигенция атангандар ошол демилгени айткан инсандар тургай, бүтүндөй республиканы ур-тепкиге алган экен. Орус эли Борбор Азияда ыдык көргөн, көрө турган эл эмес. Орус улуту Борбор Азияда басмырлануу ызасын эч качан сезген эмес. Сезбейт дагы. Эч бир улут андай тагдырды каалабайт. Көптүккө салып, күчкө таянып, басмырлоого умтулуунун келечеги жок. Аны тарых нечен ирет тастыктады.

## Кыргыз маданияты ушу өз жеринде өнүгө алат

Албетте, кыргыз тили камкордукка муктаж. Эл аралык баарлашуунун тилдери, улуу элдердин тилдери коргоого, колдоого муктаж да, улам тышкы душман менен кармаша берип, нечен азаптозокту башынан кечирип отуруп, башка чукак, саны аз кыргыз элинин эне тили муктаж эмеспи. Элдин санын жападан жалгыз негиз кылбайлы. Англис, кытай, француз, испан, орус, кытай тилинде жүз миллиондогон жана миллиардаган адамдар сүйлөйт. Ушул тилдерди билүүгө калың эл умтулуп жатса да, бул тилдердин дүйнөлүк масштабдагы жана деңгээлдеги расмий статуска ээ, бекем позициясы бар экенине карабай, Англия, Франция, Испания, Россия, Кытай өз мамлекеттеринин тилин өнүктүрүү, жайылтуу үчүн болгон аракетин көрүп келет.

1987-жылы 5-декабрда улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов республикалык илимий-практикалык конференцияда терең ойлорун айткан экен. Ошонун бирин цитата келтирейин. "Көппүзбү, азбызбы – кеп анда эмес, кеп – биз жердеп турган жер кыргыз деген түптүү элдин чок борбору экенинде. Мына ушул жерде гана бизге мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Биздин улуттук маданиятыбыздын мукташдыктары жөнүндө сөз болгондо биерде силерден башка да улуттар жашайт деген мотивдерди каршы койгон адамдар да кездешет. Ырас, алар менен 100 жылдан ашуун убактыдан бери ынтымакта, эч кандай ыйкы-тыйкысыз, досторчо жашап келе жатабыз. Бирок алардын тилдери сакталып, өнүккөн, кубаттуу, негизги маданият борборлору бар. Немистердин аркасында бир эмес, эки Германия турат, озбектердин болсо – бала бакчасы жана мектептер менен толук камсыз болгон озбекстаны бар, дунгандардыкы – бүткүл Кытай, корейлердин да эки Кореясы бар. А эгер кыргыз маданияты ушу өз жеринде өнүгө албаса, башка эч жерде өнүгө албайт. Мына ушул жагдайды дайыма эсте тутуу зарыл". Орус тили бардык жерде өнүгө алат. Анткени тилди үйрөнүүдөгү негизги факторлор - бул мотивация, интенция, программа жана тажрыйба. Бул классикалык эреже, мыйзамченемдүүлүк. Ал эми орус тилине муктаждык жетиштүү, мотивация бар. Улуттук иденттүүлүгү проблемага айланып бараткан чет жердеги кыргыздар кыргыз тилин үйүндө гана колдонбосо, башка жерде колдоно албайт. Эне тилин оз алдынча, үйүндө же жеке менчик жекшембилик мектептерде гана үйрөнбөсө, мамлекеттик окуу жайларда атайы окутулбайт. Чет кыргыздаржын эне тилди билүүгө, окууга, сүйлөөгө укугу бар. Кыргыздар жашаган жердеги мамлекеттер улуттук азчылыктардын тили катары кыргыздардын тилине шарт түзүүгө, коргоого милдеттүү. Эл аралык конвенциялардын жана келишимдердин талабы ушундай. Албетте, эл аралык укук алсырап турган чак. Бирок да керек учурда бул жагдайды алака-мамиледе эске ала жүргөн туура. Айтуу керек, маселе козгоп туруу абзел. Дипломатия – ири алдыда сөз, эреже, мамиле, нарк.

Кыргыздын улам бир кармаштан аман калган урпактары өзүнөн алда канча көп, түмөн-түмөн калың элдердин ичинде жутулуп кетпей, тарых бүктөмүндө жоголуп кетпей калышынын негизги себептеринин бири – бул мамлекети бар элдин, кокус чачыраса кайра эркин мамлекет куруу идеясы оюнан кетпеген, улам бир мууну ушул өтөлгөнү аткарууга башын байлаган кыргыз улутунун идентүүлүгүнүн түп башаты - тил. Кыргыз тили кыргыз жеринде гана өнүгө алат. Дал ушул жагдайды ичте бышыктап, сырт коомчулукка кенен түшүндүрүп, кайта-кайта айтып, суверендүү мамлекеттин мамлекеттик тилин мамлекеттик тил катары колдонууга жетишүү аракетин акыл-эстүүлүк менен көрмөгүбүз оң. Эмоция деңгээлинде, декларация мүнөзүндө эмес, жоопкерчиликтүү, салмактуу саясат талап кылынат.

Назгүл ОСМОНОВА:

# “Аман тур, ар дайым койнуңда, ынтымак аралап Мекеним…”



## Мекеним

*Буюккан муңун көтөрүп,*
*Буулуккан ушул жылдардын*
*Ата Журт күлсө мен күлүп,*
*Ыргалса кошо ыргалдым.*
*Кайгысы элдин каржалтып,*
*Калпынан качтым жыргалдын.*
*Кымбатым, элим, кыргызым,*
*Кан менен кошо айланып –*
*Ырымда кошо ырдалдың…*

## Айылымдын гүлдөрү

*Неге мынча суз тарткансыйт,*
*Ноябрдын асманы?*
*Кыш келеби… угулгансыйт,*
*Кадам таштап басканы…*

*Каркыралар катарлашып,*
*Жылуу жакка кайттыбы?*
*Күз шамалы кабарымды,*
*Сүйгөнүмө айттыбы?*

*Шаар аралап жалгыз келем,*
*Тыңшап дүйнө үндөрүн.*
*Жыпар жыты сезилбеген,*
*Сүйбөйм шаардын гүлдөрүн…*

*Неге мынча түнөрүңкү,*
*Ноябрдын күндөрү?*
*Сагындымбы… сагындым го,*
*Айылымдын гүлдөрүн.*

## Мекеним – Меккем

*Канткенде мен сенден кетемин,*
*Алсырап кыйналды Мекеним.*
*Өзүңдөй бейиш жер турганда,*
*Кереги жоктур дейм Меккенин.*

*Тоолоруң, түздөрүң, өрөөнүң,*
*Өзүмдү өзүңдөн көрөмүн.*
*Ак булут, көк асман мөлтүрөк,*
*Каалабас жүрөгүм бөлөгүн.*

*Кереги жоктур маа Меккенин,*
*Турганда гүлзардай Мекеним.*
*Анчалык тандоого туш келсем,*
*Сен эмес, өзүмдөн кетемин…*

*Кайраттын каалаймын бекемин,*
*Бактылуу күн болсун жетериң.*
*Аман тур, ар дайым койнуңда,*
*Ынтымак аралап Мекеним…*

## Жайлоодо

*Тоолорго тоолор уланып,*
*Карегим тиктейт кубанып.*
*Асманга жеткен жайлоонун,*
*Шибери белден буралып.*

*Карагай, кайың жыш өскөн,*
*Үстүнөн бүркүт куш өткөн.*
*Кыргыздын кымбат тоолору,*
*Бүткөндөй ысык тилектен.*

*Абасы таза кристалл,*
*Булаят көктө булуттар.*
*Акырын… аста дем ал да,*
*Кайгыны бүгүн унуткар.*

## Оштун таңы

*Аптап сылайт аста жүзүмдөн,*
*Кабагыма карап эркелеп.*
*Мөмө сымал жаңы үзүлгөн,*
*Оштун таңы мөлтүр, керемет.*

*Сагынганмын талаа-түзүңдү,*
*Кыялымда жүргөм бөпөлөп.*
*Кусалыктын жашы үзүлдү,*
*Гүлдөн-гүлгө консо көпөлөк.*

*Жолдор жатат менин санаамдай,*
*Чексиздикке бүтпөс таралып.*
*Жомоктогу кооз аралдай,*
*Сенде калды кайтпас балалык.*

*Асман таза, кир жок булуттай,*
*Талаа күтөт сүйгөн шамалын.*
*Асылымдын жүргөн унутпай,*
*Көрсөм дедим кайра жамалын.*

*Сенде таанып акты-караны,*
*Сени менен дүйнөм байыды.*
*Аман болгун кайтып келгенче,*
*Ардактаган асыл айылым.*

## Алсыз Мекен

*Эмне мынча ойго салдың,*
*Орошон тоо Мекеним?*
*Сен турганда керекпи деп,*
*Айткан элем Меккени.*

*Кемпир-Абад, көз жаштардан,*
*Куралганың жалганбы?*
*Кетип бара жатасыңбы,*
*Элге таштап арманды?*

*Ата-бабам жаткан бул жер,*
*Ыйыктардын ыйыгы.*
*Мөлтүр суусу ааламда жок,*
*Тунуктардын тунугу.*

*Түндүк менен Түштүк сенин,*
*Дал жээгиңден биригет.*
*Балким, сенин кадыр-баркың,*
*Эртең эле билинет.*

*Суук колун салгандарды,*
*Урсун сенин кусуруң.*
*Көбөйбөсүн, жер бетинен,*
*Жоголсунчу тукуму.*

*Кемпир-Абад, Кемпир-Абад,*
*Төгүлдү го көз жашым.*
*Турам алсыз карап сени,*
*Аарчый албай көз жашың…*

*Ооматын күтөт Мекеним*
*Толтуруп бойго кайгыны,*
*Бул жолго чыктың кай күнү?*
*Аралап бассам угамын,*
*Жашоонун муңдуу кайрыгын.*

*Күнөстүү талааң, өрөөнүң,*
*А бирок жанбай жылдызың.*
*Мекенди эмес чет элди,*
*Эңсеп бир турат уул-кызың.*

*Термелип түпсүз ойлорго,*
*Жыялбай башың-этегиң.*
*Онтобой ооруп турасың,*
*Ооматты күтүп Мекеним…*



Гүлүмкан ИСАЕВА:

# "Өзбек поэзиясы сезимге бай жана поэтикалуу..."



Которгон Гүлүмкан ИСАЕВА

***

*Түн пардасын ачсын шоолалар!*
*Турмуш ушул — күйгөн күл дөбө.*
*Күндөрүмө дагы күндү улап,*
*Унчукпаймын. Тиктейм дүйнөнү.*
*Илебиңден атым аталбайт,*
*Жай таанышпыз эми тек гана.*
*Жүрөгүмө кайра от жагып,*
*"Кел! " дебейсиң.*
*Келбейм мен сага.*
*Кетүү жеңил болсо кетмекмин*
*оңой эмес кетүү сезимден.*
*Мына, кара, түндү жарытсын,*
*Каттарыңды өрттөп жибердим.*

*... Түндү жарып кирсин шоолалар,*
*Жүрөгүмө кайра таң атсын!*

**Ирода Рахмоналиева**
**Апрель 2022**

## Сагынуу

*Жел ойнойт жүзүмдө жүгүрүп....*
*Жүгүрөт жүзүмдө сагыныч.*
*Жалбырак саргайды, күбүлүп,*
*Көңүлгө күз келди жаңылык!*

*Турналар жөнөдү түн менен,*
*Шоолага кирпигин өптүрбөй.*
*Булуттар баштады дүрбөлөң,*
*Мени келбейсиңби көрүүгө?..*

*Жүгү оор келгендей санаанын,*
*Жүрөгүм чоңоюп кетти Күз!*
*Качандыр от күйгөн коломтом,*
*Карачы бузулуп кетиптир...*

*Келбейсиңби эртерээк? ..*

**Башорат Отажонова**
**Декабрь 2019**

## Абал

*Ааламдай чексиз да, белгисиз,*
*Сиз мага арман, муң бердиңиз.*
*Түшүнбөйм, каалгасыз дүйнөмө,*
*Сиз кайсы кайыптан келдиңиз?*

*Ак таңдай, эң аруу, эң таза,*
*Көңүлдүн шарында актыңыз.*
*Шамалдай сапырып оюмду,*
*Айтыңыз,*
*андан не таптыңыз?*

*Сүйүү эмес, куса эмес, бул эмне?*
*Жек көрүү, ыза же*
*Тилекпи?*
*Сүйбөймүн.*
*Кор болду жүрөгүм.*
*Кордолгон жүрөк да жүрөкпү?*

*Келбеңиз кайрылып качандыр.*
*Баш тарттым, сүйүүдөн, өмүрдөн.*
*Билсеңиз, жүрөгүм а азыр*
*сезимдер көмүлгөн көрүстөн.*

*Жанымды жай кылбас бул эмне?*
*Сынообу?*
*Атылган ок беле?*
*Көрүстөн четине коюуга,*
*Жыпар жыт гүлүңүз жок беле?*

**Гузал Рузиева**
**Январь 2023**

***

*Неге үнсүз, сөзсүз бул сүйүү*
*Коштошуусу окшоп кеч күздүн?*
*Ашыктыгым айтпайм. Билбейсиз...*
*А мен сизге киммин?*
*Эч киммин!*

*Неге жарык күттүм,*
*түшүнбөйм?*
*Нурлары өчкөн ушул күүгүмдөн.*
*Неге ыйладым?*
*Бакыт үчүнбү?*
*Балким өтөр-кетер бул күндөр.*

*Көчөңүздөн өттү күз мына.*
*Көңүл иши оор билгенге.*
*Жүрөгүмдө жүрөт бир санаа:*
*Көзү менде, көөнү кимдерде?*

*Үмүт этпей көнүп кетермин,*
*Көркөмү жок тосуп таңдарды.*
*Түштөрүмө кез-кез келерсиз,*
*А мен сизге кайра барбаймын.*

**Гулжамол Аскарова**
**Июнь 2021**

## Атама

*Шамалмын мен сизге чуркаган,*
*Чок түшсө колума, дүйнөмө.*
*Багымды Теңирден сураган,*
*Багытым сиз оңдоп, түзөгөн.*

*Пейили кең дечи Кудайдын,*
*Пенделик чуркатар, жыгытар...*
*Жалгыздык абалым сураса,*
*Кудайга, бир сизге сыйынам!*

*Ойгонду көңүлдө бир сезим,*
*Бактылуу күндөрдөн белги деп.*
*Батаңыз жетти бейм Кудайга,*
*Бактылуу болууга келдим мен!*

*Чок түшсө колума, дүйнөмө,*
*Шамалдай мен сизге чуркаймын!..*

**Башорат Отажонова**
**Август 2020**

## Бактылуу биреөгө

*Кымындай бактыны көп көргөн,*
*Турмуштан эмнени күтөсүң?*
*Асманда окулат имиш го,*
*Бактылуу жандардын никеси…*

*Ишенбейм, болбогон кеп аны,*
*Бактысыз кишилер сүйлөшөт.*
*Бакыттан тажаган сендейге,*
*Бактылуу болгонду үйрөтөм?*

*Ырбатар дүйнөнүн тынчтыгын,*
*Ыр дартын сен тартпай, түшүнбөй.*
*Караанын түндөрдөн адашпай,*
*Кадамың чоң жолго түз түшкөн.*

*Төбөмдөн ар күнү күн көчөт.*
*Сагыныч, көз жашым көрбөскө.*
*Бактылуу баарысы жашоодо,*
*Мен эле бактысыз өңдөнөм…*

*Сен чындап бактылуу кишисиң,*
*Кудайдын назарын ээлеген.*
*өмүрүң, багыңды а мүмкүн,*
*Мен менен бөлүшкүң келбеген?*

*Саламын аяган бак үчүн,*
*Карегим ыйга көп жолуккан.*
*Билесиң, асманга жеткирбей,*
*Никемди жерде эле окушкан*

**Гулжамол Аскарова**
**Июль 2020**

***

*Кээ күнү өтөсүз жылмайып,*
*Кээ күнү көңүлгө илбейсиз.*
*Көңүлдө көктөгөн ойлорду,*
*Сезбейсиз...*
*Билбейсиз...*

*Көңүлдөр сагыныч, сыр катып,*
*Көчөдө сапсары Күз эми.*
*Мен жазчу, бүтпөгөн ырларды,*
*Угууга келбейсиз сиз эми.*

*Көңүлдө жашаган ар качан,*
*Сиз деген жүрөктүн жомогу.*
*Көзүмдөн төгүлгөн тилекти,*
*Билип да билмексен болосуз.*

*Бир күнү белгисиз ой ээлеп,*
*Азапка кабылаар дүйнөңүз.*
*Мен кетем. Сизден бир өтүнүч,*
*Менден соң эч кимди сүйбөңүз!*

*Мейли азыр өтүңүз жылмайып,*
*Мейли азыр көңүлгө илбеңиз...*

**Башорат Отажонова**
**Март 2020**

***

*Бактым ушул: асман биздики,*
*Бир доордо бөлөк жашайбыз.*
*Сүйдү, унутту билбейм кимди ким,*
*Сүйүү десе атыңды атаймын.*

*Буйрук ушул балким болмуштан:*
*Болбойт бизге чогуу өлүүгө.*
*Жолубузду жолдор толуктап,*
*Карегибиз такыр көрүшпөйт.*

*Баары бир бакыт: сагынч, кусаң да.*
*Бул жалганда жакын кишимсиң.*
*Каркырадай чогу уча алган,*
*Кайталанып кирген түшүмсүң!*

**Салим Ашур**
**Апрель 2022**

А. П. ЧЕХОВ

# Ионыч

## (Аңгеме)



Губерниялык С. шаарына келгендер бул жердеги турмуштун бир жактуу эрикме экенине наалый баштаганда, ага актангансыган жергиликтүү тургундар тескерисинче, С. шаарында баары сонун экенин, анда китепкана, театр, клуб барын, үлпөт кечелер өтүп тураарын, анан да таанышууга ыктай турган акылдуу, кызыктуу жана жагымдуу үй-бүлөлөр бар экенин айтып калышчу. Эң эле билимдүү жана таланттуу бүлө катары Туркиндердин үй-бүлөсүн көрсөтүшөөр эле.

Булар башкы көчөдө, губернатордун жанындагы менчик үйүндө жашап турушчу. Туркин, Иван Петрович өзү эткээл, кара чачтуу, жаагын бойлото коё берген сакалы бар келбеттүү адам болуп, кайрымдуулук иретинде үйүндө ар кандай оюндарды коюп тураар эле, өзү картаң генералдарды ойноп, жөтөлгөнүн абдан күлкүлүү кылып туураганга маш болчу. Ал анекдотторду, куйкум тамашаларды, макалдарды абдан көп билчү, тамашалашканга, чымчылап тийиште сүйлөгөнгө уста эле, карап турсаң кебете кепшири да түшүнүксүз, же тамашалап, же олуттуу айтып атканын билбейсиң. Аялы, арык чырай, келбети жагымдуу, pince-nez (тегерек көз айнекчен) тагынган айым Вера Иосифовна повесть, романдарды жазчу, аны келген коноктoруна жан дили менен окуп бергенди жакшы көрчү. Алардын жапжаш кызы Екатерина Ивановна болсо роялда ойночу. Кыскасы, бул үй-бүлөнүн ар бир мүчөсү кандайдыр бир талантка ээ эле. Туркиндер келген коноктoрду кучак жая тосуп алып, өзүлөрүнүн талантын аларга куунак маанай менен чын жүрөктөн тартуулашаар эле. Алардын таш үйү кенен, жайкысын салкын боло турган, терезелердин теңи жазында булбул сайраган көлөкөсү коюу эски бакты карап турчу; коноктор үйдө отурганда ашканадан бычактардын такылдаганы угулуп, бүт короо куурулуп жаткан пияз жыттанып тураар эле, бул дайыма берекелүү жана даамдуу кечки тамактан кабар берип турчу.

Мындагылар жаңы эле айылдык врач болуп дайындалып, С. шаарынан тогуз чакырым алыстагы Дялижге жайгашкан доктор Старцев Дмитрий Ионычка да интеллигент адам катары Туркиндер менен таанышып алыңыз дешкен. Анан бир жолу аны кышында көчөдөн Иван Петрович менен тааныштырышкан; аба ырайы, театр, келте оорусу тууралсында кеп салышып, Иван Петрович аны конокко чакырган. Кийинчерээк жазында, - Вознесение майрамы болчу, - бейтаптарды кабыл алып бүткөн соң Старцев бир аз алаксып, сейилдеп, анан анча мынча буюм -тайым сатып алганы шаарга жөнөдү. Шашпай жөө (өзүнүн аттары жок эле) басып, кайсы бир ырдын:

мен али турмуш кесесинен көз жаш ичe элекмин... деген сабын улам кыңылдап коюп баратты.

Шаарга келип түштөнгү, бакта сейилдеп басып жүрүп Иван Петровичтин конокко чакырганы эсине түшүп кетти да Туркиндерге барып таанышып, алардын эмне болгон адамдар экенин көрө кетмей болду.

— Саламатсызбы, мархамат, — деди аны кире беришген тосуп алган Иван Петрович. — Сиздей жагымдуу мейманды көрүп турганыма абдан кубанычтуумун. Жүрүңүз, сизди жубайым менен тааныштырайын.

– Мен бу кишиге айттым, Верочка, - деди ал докторду аялына тааныштырып жатып, - өзүңүздүн ооруканадан чыкпай отура бергенге сиздин эч кандай римдик укугуңуз жок, эс ала турган бош убактыңызды коомго арнаңыз дедим. Туура айтамбы, жаным?

— Мына бул жакка отуруңуз, — деди Вера Иосифовна мейманды жанына отургузуп. — Сиз менин көңүлүмдү ала берсеңиз болот. Менин күйөөм кызганчаак, бул накта Отелло, бирок биз өзүбүздү ал эч нерсе байкабагандай алып жүргөнгө аракет кылабыз.

— Ах сен, эрке жөжөм десе… — деп назик күбүргөн Иван Петрович аны маңдайынан өөп койду. — Сиз абдан убагында келдиңиз, — деди ал кайрадан конокко кайрылып, — менин жубайым чоң роман жазып бүттү, бүгүн аны окуп берет.

— Жанчик, — деди Вера Иосифовна күйөөсүнө, — dites que lon nous donne du thé (чай апкелгиле деп койчу – франц).

Старцевге Екатерина Ивановнаны тааныштырышты, бул арыкчырай, ыйманы ысык, апасына куюп койгондой окшош кыз экен. Жалжылдаган баёо көз карашы баланыкындай, бели да бир тутам ичке, турган турпаты назик, кош алмасы тирсие тирелип бойго жеткен, дени чың, жаз жөнүндө, чыныгы жазды бериле сүйлөгөн сулуу кыз эле. Анан кыям, бал, конфет жана даамы ооздо эриген печенье менен чай ичиштu. Кечке жуук бирин-серинден коноктор келе башташты, алардын ар бирин көздөрү күлмүңдөгөн Иван Петрович кире бериштен тосуп алып жатты:

— Саламатсызбы, мархамат.

Кийин келгендердин баары конок бөлмөгө чогулуп, олуттуу жүздөрү менен ойлуу отурушту, анткени Вера Иосифовна өзүнүн романын окуп жатты. Ал: «Аяз күчөгөндөн күчөп баратты...», - деп баштаптыр. Терезелердин баары аңкайта ачык эле, ашканадан бычактардын такылдаганы угулуп, куурулган пияздын жыты келип турду...Мамыктай жумшак, терең креслодо магдырап отурган өзүнчө ырахат эле, иңир чалган конок бөлмөдөгү чырактар мээримдүү жумшак нур чачып турду; көчө жактан үндөр, шарактаган күлкү угулуп, короодогу сирендин аңкыган жыты мурунга уруп турган жайкы кечте аяздын кандайча күчөп баратканын, уясына отуруп бараткан күндүн муздак нурлары кар баскан мейкиндикке жана жолдо жалгыз кетип баратикан жолоочуга кандайча тийип жатканын түшүнүү кыйын эле; Вера Иосифовна өзүнүн кыштагында мектеп, оорукана, китепкана куруп жаткан жаш, сулуу графиня жөнүндө жана ал жер кезип жүргөн сүрөтчүнү кантип сүйүп калганы тууралсында романын окуп жатты, - ал дегеле жашоодо эч качан болбой турган нерселер тууралсында окуп жатса да аны угуп отуруунун өзү жагымдуу, жайлуу болчу, коноктор бейкапар, жан жыргаткан ойлордун кучагына малына, эч ким ордунан козголгусу келбей, магдыраган сезимдерге балкып отурушту.

— Түзүк… — акырын үн катты Иван Петрович.

Угуп отурса да ойлору алда кайда кезип жүргөн коноктордун бири аны угулаар угулмаксан кубаттап койду:

— Ооба… чын эле…

Бир саат, эки саат өттү. Жакын жерде жайгашкан шаардык сейил бакта оркестр ойноп, хор ырдап жатты. Вера Иосифовна дептерин жапканда отургандар беш мүнөттөй үнчукпай калып, хор ырдап аткан «Лучинушканы» тыңшап калышты, романда жок бул ыр дегеле турмушта болбогон нерселерди жеткирип жаткандай эле.

— Сиз чыгармаларыңызды журналдарга бастырасызбы? — сурады Старцев Вера Иосифовнадан.

— Жок, — деди ал, — мен эч кайда бербейм. Жазам да шкафыма катып коём. Бастыруунун эмне кереги бар? – деди ал. – Бизде жан бакканга каражатыбыз жетиштүү.

Отургандар эмнегедир тегиз үшкүрүп алышты.

— Эми сен бирдеме ойноп бер, Котик, — деди Иван Петрович кызынан сурана.

Роялдын капкагын ачып, даяр жаткан ноталарды жая салышты. Екатерина Ивановна отурду да эки колу менен клавишаларды урду; анан күчүнүн болушунча дагы урду, кайра дагы, дагы урду, ийиндери менен көкүрөгү титиреп кирди, ал бир эле жерди өжөрлөнө ургулай берди, тимеле клавишаны роялдын ичине кага киргизип жибермейинче токтоболчудай сезилди. Конок бөлмө каңгырыкүңгүр добушка толуп чыкты; пол да, эмеректер да баары калдыр -шулдур түшүп жатып калды… Екатерина Ивановна дал ушул татаалдыгы менен кызык, чубалжыган узун, тажатма татаал бир пассажды ойноп жатты, аны угуп отуруп Старцев бийик тоодон тынымсыз таш кулап жатканын элестетип кетти, батыраак эле токтосо экен деп тилеп атты, ошол эле маалда чыңалуудан жүзү албырып чыккан, кайраттуу, чечкиндүү, кулпурган чачы маңдайын жаап калган Екатерина Ивановна ага абдан жагып да турду. Дялиждеги оорулар менен мужиктер арасында өткөн кыштан кийин конок бөлмөдө отуруп мына бул жаш, сулуу, аруулугу шек жаратпаган айжаркын жаңды жана кулактын кужурун алган тажатма болсо да маданияттуу добуштарды угуп отуруу ушунчалык жагымдуу, ушунчалык бир башкача жыргал эле…

— Жарайсың, Котик, бүгүн сен тимеле укмуш башкача ойнодуң го, — деди көзүнөн жашы кылгырып кеткен Иван Петрович кызы ойногонун бүтүп ордунан турганда. — Өлүп кал, Денис, мындан артык жаза албайсың.

Баары кызды тегеректеп куттуктап, суктанып, мындай музыканы көптөн бери угушпаганын айтып жатышты, ал болсо ууртунан жылмая мактоолорду угуп жатты, туруш-турпатын бийлеп алган салтанатка балкып турганы байкалып турду.

— Мыкты! Укмуш!

— Сонун!— деди көпчүлүктүн шаңына ыктаган Старцев да. — Сиз музыкага кайдан окудуңуз эле? — сурады ал Екатерина Ивановнадан. — Консерваториядабы?

— Жок, мен консерваторияга эми кирейин деп атам, азырынча бул жерде эле, Завловская айымдан сабак алып жатам.

— Сиз бул жердеги гимназиянын курсун аяктадыңыз беле?

— О жок! — кызы үчүн жооп бере салды Вера Иосифовна. — Биз мугалимдерди үйгө чакыргандыз, а гимназияда же институтта терс таасир деген болушу ыктымал да, туурабы; бойго жетип бараткан кыз энесинин гана таасири астында болушу керек.

— А мен консерваторияга баары бир барам, — деди Екатерина Ивановна.

— Жок, Котик апасын гана жакшы көрөт. Котик апасы менен атасын капа кылбайт ээ?

— Жок, барам дедимби, барам! — деди Екатерина Ивановна, анан кылыктана жер тепкилеп да койду.

Кечки тамактын үстүндө болсо өзүнүн талантын эми Иван Петрович көрсөтүп отурду. Ал көздөрү менен гана күлүп, анекдот айтып, элдин баарын куйкум тамашага салып атты, күлкүлүү бир табышмактарды берип алардын жообун кайра эле өзү таап, чоңдуу, тезүк, тыраң ырaазымын деп өзүнүн азилдешкенге кайра кайра машыга берип такшалган өзгөчө тилинде гана сүйлөп жатты, бул ага адат болуп калса да керек…

Бирок баары муну менен гана бүтүп калган жок. Курсактары ток, ыраазы болгон коноктор кире бериште топурап өзүлөрүнүн пальтолору менен таяктарын алып жатканда алардын жанында малай Павлуша, же биердегилер Пава деп коюшкан он төрт жаштардагы чачы тегиз кыркылган болтойгон балакай айланчыктап жүрдү.

— Кана, Пава, көрсөтүп койчу! — деди ага Иван Петрович.

Пава позага тура калып, колдорун жогору көтөрдү да кайгылуу добуш менен:

— Өлүп кал, шордуу! – деди.

Баары каткырып калышты.

«Кызык экен», — ойлоп койду көчөгө чыгып баратып Старцев.

Ал кайра ресторанга кирип пиво ичти да Дялижди көздөй жөө кетти. Жол бою:

Сенин үнүң мага назик жана кумарлуу...деп ырдап баратты.

*(Уландысы кийинки санда)*

№08
(294)

25
08
2023

kyrgyztili@mail.ru



# Нуриза ӨМҮРБАЕВА



***

*Жай узады. Шамал уруп, жаан тийип,*
*жалбырагын төгүп бүттү дарактар.*
*Чоочун мага өз өмүрүм баш ийип,*
*чоочун жолдун жетегинде бараткан.*

*Күз да келди. Күүгүм термеп жаш Айды.*
*Да бир жылдын учун кармап турамын.*
*“Учпай калган жүрөк узак жашайбы?..”*
*Кайкып учкан канаттуудан сурадым.*

*Куштар мага жооп узатып ыраактан,*
*өз тилинде үн салгандай болушту.*
*Куштун тилин, куштун жолун бирок да,*
*жылдар мага унуткарып коюшту.*

*Кээде гана буюктурат бир санаа,*
*ушул аалам жаралгансып кусадан.*
*Канаттуулар, жер оторуп учсаңар,*
*коштоп учпай улутунуп узатам.*

*Күндү беттеп, күздү таштап барарың,*
*жаздыр жашыл жака-бели кештелүү.*
*Мекен кылган бир сүйүүнүн караанын,*
*менин эрким, мейкиндигим чектелүү.*

*Жетер жерге жетип эсен, Күн кармап,*
*кайтсаң экен адаштырбай ай-жылды.*
*Мен да алысты көксөп учуп ызгаарда,*
*узак жолдо канаттарым кайрылды.*

*Узадыңар көккө сиңип күүгүмдөп.*
*Бир күүгүмдө мен да алыска кетти элем.*
*Кайра кайтып келериңди ким билет?..*
*Канаттуунун Мекени жок дешти эле.*

*Кайра кайтып келериңди ким билет?..*
*Канаттуунун Мекени жок дешчү эле.*

## Курбума

*Айтып бергим келди сага жан сырым...*
*Айыктырар жаратымды барбы ырың?*
*Мен толкунун Ысык-Көлдүн сагындым,*
*сен калаанын сагынгандай жамгырын.*

*Калаада не? Баары өзүң билгендей,*
*кадыр билбес жандар кетти бир келбей.*
*Күлбөй калдым, күңүрт болду күндөрүм,*
*сүйбөй калдым ошол кезде сүйгөндөй.*

*Өткөн өттү… Өчтү жалын андагы,*
*оор мага жалгыздыктын салмагы.*
*Ортобузда айтылбаган сыроо-жооп,*
*оор сага турмушуңдун салганы.*

*Кездерде ошол жүрөк тунук, күн тунук,*
*кол жетпеген көп нерсеге умтулдук.*
*Биз дүйнөнү багынтабыз дечү элек,*
*бир түйшүккө багындык да, унтулдук.*

*Биз дүйнөнү багынтабыз деп жүрүп,*
*көр түйшүккө багындык да, унтулдук.*

***

*Чарчатат ушул турмуш башаламан...*
*Жашаймын күндү узатып, таңды тосуп.*
*Арманым, арызымдан тажабаган,*
*а деңиз жанымдагы жалгыз досум.*

*Жашоонун жасалмалуу шаңы менен,*
*көөнөргөн көңүлүмдү алдап келдим.*
*Жандарды жүрөгүмдү тааный элек,*
*жарыгым тийбей мен да жандап көрдүм.*

*Боштукка боюн таштап, жылдар өлөт,*
*үлбүрөп чырак өчөт түнөгүмдө.*
*Күнүмдүк жанган отко жылынам деп,*
*от жакпай койгон экем жүрөгүмө.*

*Жарыкка батпаган жан кайда батат?..*
*Жалган деп жашаганым чыным экен.*
*Сурабайм бакыт, бактым алда качан,*
*Кудайдын колдорунан чыгып кеткен.*

*Ыйласам болмок бүгүн, себебим көп,*
*баягы оттуу нур жок карегимде.*
*Жашоонун өзү мага керели жок,*
*бакыттын эми мага кереги не?..*

*Кезинде жаным менен жуурулгансып,*
*кусалык жашачу эле жүрөктү эзген.*
*Кереksиз бир сүйүүгө сыртым салып,*
*сүйүктүү болгум келген күндөрдү эстейм.*

*Мен анда билбептирмин сүйүлүүдөн,*
*сүйүүдөн жүрөк бир күн баш тартаарын.*
*Кечир деп катты баштап, катты аяктап,*
*кете алсам, кетет элем таштап баарын.*

*Кете албайм, өз колумдан шөкөттөлгөн,*
*бул жашоо капас мага каалгасы жок.*
*Өтпөстүр эми сүйүү көчөм менен,*
*кол булгап очогумда жанбайт бир от.*

## Бир ырдын уландысы

*Турмушуңдан өзүңө алган жазаң бул —*
*туура чыкпайт кадамыңдын бардыгы.*
*Азыр мени көп ойлонтот качандыр,*
*мен жаңылткан адамдардын тагдыры.*

*Өткөнүмдөн өчпөй турган сөз калды…*
*Өрткө айлантты түшүнбөстөр ойнумду.*
*Аял болуп бул дүйнөгө көз ачып,*
*аялдарга азап берип койдумбу?..*

*Өлчөп көрүп таразамда өзүмдү,*
*өзүм неге актап кетээр сөз таппайм?!*
*Бирде күлүп, бирде жаштап көзүмдү,*
*бир билгеним - ушул жолдон көп каттайм.*

*Азгырыгы, түйшүгү көп бул жолдун,*
*аягына кандай күндү жазды экен?*
*Мээримсиздик көп ыйлатты… Соорондум.*
*Мен кылчайбай койгон жандар кантти экен?..*

## Деңизге

*Капкалуу шаар, кайрымы жок, күндөрдөн*
*качып келип деңиз болду сыйганым.*
*Шамал чачып, сапырылган дүйнөмдү*
*жылдар өтүп, эми араң жыйнадым.*

*Толкундарың тобу менен жарышкан,*
*кайрап турган кайрагындай эркимин.*
*...Көз жаш болуп, көбү мени жаңылткан,*
*эстегим жок сүйүүлөрдүн эч бирин.*

*Эстегим жок. Эс- жүрөгүм жаңылып,*
*кызыл-тазыл кыялдарды өрттөдү.*
*Жаалданып, жамгыр уруп, кар уруп,*
*жүрөгүмдөн канча толкун өтпөдү.*

*...Төгүлгөндө тамчым калбай төгүлдүм.*
*Ак-караны койдум беле ылгабай?..*
*Жолдо адашып жоготкондор өз ырын,*
*барып-барып калат экен ырдабай.*

*Кездер болду дүйнөм жолго чачылып,*
*кездер болду күндө туулуп, күндө өлдүм.*
*Мен өзүңдөй толкуп ташып басылып,*
*эми өзүңдөй мелтиреген күндөмүн.*

*Мен деңиздей толкуп-ташып басылып,*
*мен деңиздей мелтиреген күндөмүн.*



kyrgyztili@mail.ru

**Кыргыз тили**
Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы

**Башкы редактор:**
Дүйшөн КЕРИМОВ
0(700) 88 81 41
**Жооптуу катчы:**
Бактыгүл ӨМҮРАЛИЕВА
0(702) 525942

КР Юстиция министрлигинде катоодон өткөн. №1381
Жарыяланган автордук материалдар редакциянын көз карашын билдирбейт

**ДАРЕГИБИЗ:**
720040, Бишкек шаары, Бөкөнбаев көчөсү, 182
**Гезиттин эсеп-кысабы:** ОАО Дос-Кредобанк фил."Берекет"
БИК 121008 р/с 1212000300007078
ОК ПО 24637707
ИНН 00104200810048

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Ибраимов көчөсү, 24

**Буюртма:** 782
**Нускасы:** 4 000